# МУНИЦИПАЛИТЕТ

**Илимий-популярдуу журнал. № 1 чыгарылыш. Декабрь, 2011 ж.**

Муниципалитет - бул аймактын, калктын жана ЖӨБ органынын биримдиги

Басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***
Баш редактору,
ӨСИ аткаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***
Кыргыз тилине которуунун редактору
***Нургуль Джаманкулова***
Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***
Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген бекер жарнамаларды жайгаштырат.
Журнал бекер таратылат, бирок акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.
Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын чагылдырбайт.
Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлгөн.

Журналдын бул саны «Ресурстарды натыйжалуу пайдалануу аркылуу жаңжалдарды алдын алуу максатында Баткен, Жалал-Абад, Ош облустарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын дараметин күчөтүү» долбоорунун алкагында ЕККУнун Бишкектеги борборунун каржылык колдоосу менен чыкты..

***Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер менен кайрылыңыздар:***
***почта*** – 720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Усенбаев көч., 44,
Өнүктүрүү саясат институту,
“Муниципалитет” журналынын редакциясы;
***электрондук*** – office@dpi.kg, nadya.dobretsova@gmail.com
**Телефондор:** (0312) 97-01-04 (05,06,07)
**Факс:** (0312) 97-01-08

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери, БУУ ӨП Парламенттик долбоору жана өнөктөш уюмдары тарабынан тартылган, жана **jetigenweekly.blogspot.com** алынган сүрөттөр пайдаланылды

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**Редактордон**
«Муниципалитет» журналы өз жашоосун баштады ........ 2

**Күндүн темасы**
Бийликтин көңүл чордону аймактарга көчүш керек ........ 3
КРнын ЖӨБУА директору Б.Фаттахов менен маек
Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча Кыргыз Республикасынын улуттук Агенттигинин директорунун Жаңы жылдык куттуктоосу ........ 5
2020 жана 2030-жылдарга ЖӨБ: мамлекеттен жамаатка эволюция ........ 6
Жаңы мүмкүнчүлүктөр ........ 10
***Лоран Ги,*** Кызматташтык боюнча Швейцариялык Бюро: “Жогорудан төмөнду карай кабыл алынган чечимдер төмөндөн жогору карай кабыл алынган чечимдерге орун бошотуп бериши керек ”
***Бекболот Бекиев,*** Өнүктүрүү саясат институту: “Жарандардын үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоору муниципалитеттерге жакшы мүмкүнчүлүк түзүүдө”

**Жаңжалдар жана ресурстар**
Ресурстарды акыйкат башкаруу жаңжалдардын алдын алат ........ 12
Муниципалдык менчикти башкаруу ........ 13
***Фолькер Якоби,*** ЕККУнун Бишкектеги борбору: «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу айылдардагы “жер” жана “суу” маселелеринин көбүн өз алдынча чечүүгө дарамети жетет»
***Зейнеп Исакова,*** ЕККУнун Бишкектеги борбору: «2012-жылы биз ресурстарды эффективдүү жана акыйкат башкарууну колдоо аракеттерин кеңейтүүнү пландаштырып жатабыз»
Юридикалык кеңеш
Айылдык аймактар бири-бирин муниципалдык менчикти башкарууга үйрөтүп жатышат
Мамлекеттик каттоо менен ачык баарлашуу
Суу ресурстарын башкаруу ........ 21
Жаңжалдарды башкаруу ........ 24
Жерди кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин башкаруу: укук жана жер тууралуу тең укуктуу тең укуктууга ........ 25

**Муниципалдык каражаттар - биз өзгөрүүлөрдү күтөбүз**
Жергиликтүү бюджетти кантип бекемдеш керек: эксперттердин туруму жана Жогорку Кеңештин ниети азырынча төп келүүдө ........ 27
Саясий «шамал» жана Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү бюджеттердин абалы ........ 28

**Муниципалитеттин фонундагы портрет**
***Элла Ким:*** жергиликтүү өз алдынча башкаруу – мамлекеттик органдардын дублеру эмес ........ 30

**Жаңы лидерлер**
Жаштар чечим кабыл алуу жолунда ........ 32
Нарын облусунун жаштары долбоорлорду сунуш кылат ........ 35

# «МУНИЦИПАЛИТЕТ» журналы өз жашоосун баштады

### Эмне үчүн биз журнал чыгарууну чечтик?

Журналды чыгаруучу – Өнүктүрүү саясат институту өз миссиясын Кыргыз Республикасындагы шаар жана айылдарында жашоо шарты оңолуп, ар бир үй-бүлө кичи мекени тууралуу: “Биз таза, адам үчүн ыңгайлуу, өз керектөөлөрүн канааттандырууга мүмкүнчүлүгү бар, өзүм да өнүгүп, балдарым үчүн да бардык жолдорду ачып берген шаарда же айылда жашап жатабыз” деп айта ала тургандай деңгээлдеги муниципалдык башкарууну өнүктүрүүдө көрөт. Бул биздин стратегиялык максатыбыз, каалоо-тилегибиз. Биздин өлкөнүн бардык бурчтарында өнөктөштөрүбүз жана пикирлештерибиз бар болгонуна ишенебиз. Жергиликтүү маанидеги иштер кантип чечилиши керектиги, элеттик жана шаардык жашоо кантип түзүлүшү зарыл болгону тууралуу өз пикири, көз карашы калыптанып калган адамдар ар бир айылда жашайт. Өлкө ичинде тажрыйба алмашуу боюнча муниципалитеттерге сапарларды тынымсыз уюштуруу учурунда Кыргызстандын түрдүү облустарындагы кайдыгер эмес адамдардын бири-бири менен пикир алмашуусу оңой болбогонун байкадык. Көптөр Бишкекте болот, бирок башка облустарга сапарга чанда гана барышат: Нарындын тургундары Баткендин жашоочулары менен сейрек пикир алмашат жана ысыккөлдүктөр жалалабаддыктар менен аз сүйлөшөт ж.б. Бул баарлашуу элет тургундары үчүн өзгөчө маанилүү жана баалуу. Мындай пикир алышуусуз өлкөнүн бүтүндүүлүгү жана туруктуулугу мүмкүн эмес, ал эми бул кемчилик жакшы идеяларга жана эффективдүү чечимдерге бут тосот. Диалогду жөнгө салуу, пикир алмашып, идеялар жана чечимдер менен бөлүшүп туруу үчүн биз муниципалдык башкаруу жана аймактык өнүгүү боюнча өзүбүздүн журналыбызды чыгаруу чечимине келдик.

### Эмне үчүн азыр?

Жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата мыйзам реформасы ушул тапта өзөктүү баскычында турат. Акыркы мыйзамдар убактылуу мүнөздө болуп, стратегиялык багыттарды иштеп чыгууда жана келечекте жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ордун аныктоодо кызыкдар болгон бардык тараптардын аракетин талап кылат.

Бардыгыбыз, анын ичинде мамлекет, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана коомчулук ЖӨБну мамлекеттик башкаруудагы бир тепкич катары кабыл алып калдык. Бирок жергиликтүү өз алдынча башкаруунун табияты такыр башка, ал ЖӨБ иш алып барган маселелердин табиятынан чыгат. Бул маселелердин арасында биз болгону салтка айланып калган таштанды чыгаруу же суу түтүгүн оңдоону гана көрөбүз. Бирок чындыгында советтик идеологиянын жоголушу менен мамлекеттин жана коомдун көңүлүнөн түшүп калган, өзү менен өзү калып, билинбей отуруп көйгөйгө айланган жашоонун аспектилери бар. Сөз материалдык эмес нерселер жөнүндө болууда. Мисалы, салттар, үй-бүлөлүк баалуулуктар, ынтымак жана жамааттагы моралдык климат. Бул жергиликтүү өз алдынча башкаруунун карамагындагы чөйрө жана бул бүгүнкү күндүн олуттуу зарылчылыгына айланды. Дал ушул тапта, 2010-жылдагы кайгылуу окуялардан кийин бизде чогуу-чаран жоготууларды жана жетишкендиктерди кайра карап чыгуу, өз өлкөбүздү башкаруу системасын өнүктүрүүдө жаңы парадигманы (негизди) иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгү пайда болду.

### Ыраазычылык

Толугу менен муниципалдык башкарууга жана аймактык өнүгүүгө арналган журналды чыгаруу идеясы кечээ эле пайда боло калган жок. Көп жылдан бери биз муну түрдүү долбоорлордун алкагында чыгарууга аракет жасап жүрдүк. Эми журнал толугу менен “бышып жетилди”, биз аны каржылап жаткан, сизди керектүү маалымат менен камсыздаган, талкуу үчүн аянтча түзүп берип, болгондо да муну бекер жасап жаткан донорлордон колдоо тапканыбыз үчүн бактылуубуз. Биринчи кезекте биз ЕККУнун Бишкектеги борборуна жана Швейцариялык кызматташтык боюнча бюрого, ошондой эле биздин учурдагы жана болочоктогу бардык өнөктөштөрүбүзгө колдоо үчүн ыраазычылык билдиребиз.

### Бул ишти биз кантип алып барабыз?

Биз бардык жарандарды, Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын, алар менен иш алып барган түрдүү уюмдарды; көз карандысыз эксперттерди жана изилдөө жүргүзгөн институттарды; массалык маалымат каражаттарын; мамлекеттик башкаруу органдарын кызматташууга чакырабыз.

### Биздин сизге сунушубуз:

- бизге автор болууну сунуш кылабыз – сизди жана сиздин айылдын тургундарын тынчсыздандырган маселелер тууралуу жазыңыз;
- эксперт болууну сунуш кылабыз – тиги же бул процесстерге жана проблемаларга карата өзгөчө пикириңизди жазыңыз;
- маалымат булагы болууну сунуш кылабыз – ЖӨБ жана бейөкмөт уюмдарга пайдалуу жарыяларды бизге бериңиз;
- журналды кошо чыгарууну сунуш кылабыз – журналдын көлөмүн жана тиражын арттыруу максатында аны каржылоого катышыңыз.

Журнал өз жашоосун баштады жана досторун, кесиптештерин, пикирлештерин күтөт.

**Башкы редактор,**
**Өнүктүрүү саясат институтунун**
**Башкаруучу төрайымы**
**Надежда Добрецова**

# Бийликтин көңүл чордону аймактарга көчүш керек



## Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча Кыргыз Республикасынын улуттук Агенттигинин директору Б.Фаттахов менен маек

**– Бахтияр Азизович, 2010-жылдагы окуялар өлкөнү башкаруу системасындагы ыкмаларды өзгөртүү зарылчылыгына түрттү. Башкаруу структурасында, мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүүдө кемчиликтер көп экенин, адамдардын турмушуна жана мамлекеттин тагдырына оор кесепетин тийгизген стратегиялык каталар болгонун бардыгы көрдү. Ушундан улам жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасы, анын өкүлдөрү жана мамлекеттик кураторлор мындан кандай жыйынтык чыгарышты?**

– Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана мамлекет үчүн 2010-жылдын негизги сабагы - башкаруу ишмердүүлүгүндөгү көңүл жана өлкөнү өнүктүрүүдөгү социалдык-экономикалык өзөктүү көйгөйлөрдү чечүүдөгү жоопкерчилик алгачкы аймактык деңгээлге бурулушу керек, башкача айтканда айыл, шаарча жана шаарларга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу деңгээлине.

**–Ушул тапта ЖӨБ системасын өнүктүрүүдөгү жетишкендиктер жана кемчиликтер ортосундагы теңдикти кантип баалайт элеңиз?**

– Кыргыз Республикасы ЖӨБну өнүктүрүүдө белгилүү бир ийгиликтерге жетишкени талашсыз: негизги нормативдик укуктук база түптөлдү, профессионалдык муниципалдык кызматтын негиздери түзүлдү, мыйзам чегинде жергиликтүү маанидеги иштер менен мамлекет тарабынан өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктар бөлүштүрүлдү, муниципалдык башкаруу практикасына маалыматтык-коммуникациялык технологияларды киргизүү боюнча иштер башталды.

Ошентсе да реформалардын натыйжасы азырынча туруктуу боло элек, дагы деле мыйзам деңгээлиндеги жана практикалык мүнөздөгү көйгөйлөр кала берүүдө. Негизинен мамлекет тарабынан өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктардын тартиби тууралуу мыйзамдын талаптары жеткиликтүү деңгээлде аткарылбай жатат, бул өзгөчө каржылык камсыздандыруу жагында байкалат. Жөнөкөй тил менен айтканда ушул күнгө чейин “функциялардын артынан акча” деген принцип аткарылбай келет. Мунун жыйынтыгында ЖӨБ органдары өз чөнтөгүнөн калкка айрым мамлекеттик кызматтарды аткарууга мажбур. Ошондой эле айылдык муниципалитеттердин өлчөмүндө чоң айырмачылык сакталууда жана аткарылып жаткан функцияларда бирдиктүүлүк жок.

**– Эгерде маселелерге кененирээк токтолсок, аларды чечүүдө кайсынысына артыкчылык берет элеңиз?**

– Биринчи кезекте мен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун каржылык туруктуулугун бекемдөө маселесин көтөрмөкмүн. Өлкөнүн консолидацияланган бюджетиндеги жергиликтүү бюджеттин үлүшүн көбөйтүү зарыл: учурда ал болжол менен 15 пайызды түзөт жана бул жергиликтүү маанидеги маселелерди эффективдүү чечүүдө жетишсиз. Жергиликтүү бюджеттердин үлүшүн жок дегенде 30 пайызга көбөйтүү зарыл. Муну жергиликтүү бюджеттин үлүшүн көбөйтүү үчүн жалпы республикалык салыктардын пропорциясын бөлүштүрүүдө өзгөртүүлөрдү киргизип (мисалы, киреше салыгы), андан тышкары ЖӨБ органдарынын салыкка байланыштуу, анын ичинде жергиликтүү салыктарды чогултууда ыйгарым укуктарын кеңейтүү максатында Салык кодексине өзгөртүү киргизүү менен жасаса болот жана жасаш керек.

Экинчи орунда муниципалдык башкаруунун сапатын жогорулатуу маселеси турат. Бул өзүнө муниципалдык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууну гана эмес, андан тышкары маалыматтык технологияларды, башкаруудагы жаңы чечимдерди кабыл алууну жана башкаларды өзүнө камтыган комплекстик көйгөй. Өзгөчө мен муниципалдык кызмат-

керлерди даярдоо, кайра даярдоо жана деңгээлин жогорулатуу системасына токтолгум келет. Бүгүнкү күндө бул жаатта көп көйгөйлөр жана чабал жерлер бар жана биз бул маселени чечүүдө жаңы стратегиялык ыкмаларды иштеп чыгышыбыз керек. Бул өтө оор тапшырма – квалификацияны жогорулатуу системасы муниципалдык башкаруунун заманбап талаптарына гана жооп бербестен, жыйынтыкка негизделген эмгек акы системасына да байланыш керек.

Үчүнчү орунда илимий, аналитикалык иштерде жүзөгө ашырылбай жаткан керектөөлөр турат. Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн жыйырма жылдан ашуун тарыхында биз бир нерсени түшүндүк: ЖӨБнун универсалдуу модели жок, болгон эмес жана болбойт. Ушундан улам бизге салттарыбызга, менталитетибизге, ресурстарыбызга жана мамлекеттик түзүлүшүбүзгө ылайыкташтырылган өзүбүздүн системабыз, өзүбүздүн моделибиз керек. Мындай моделди даяр чечимдердин артынан куубастан түзүү бир күндүн жана бир жылдын иши эмес. Азырынча биз анын пайдубалына биринчи гана таштарды койдук, бирок кандай дубал тургузаарыбыз өзүбүздүн илимий жана аналитикалык потенциалыбыздан көз каранды. Бизге мындай иштерди тез арада аткара турган аналитикалык борборлор, think thank уюмдар өтө зарыл. Мисалга муниципалдык менчикти башкарууну алалы. Биз муниципалдык менчик базарын түзүп, аны ишке киргизишибиз керек. Бул үчүн кечээ эле маалыматтык-аналитикалык чечимдер иштелип чыгышы керек болчу. Азырынча алар жок. Жергиликтүү бюджеттер – ошол эле аналитика, болжолдоо жана өлкөнүн, айрым аймактардын деңгээлинде чечимдердин варианты керек. Бирок бул жаатта да азырынча аналитикалык продуктулар жана бул продуктуларды өндүрүүчүлөр аз. Биз ушундай борборлордун, жаңы аянттардын, анын ичинде маалымат алмашуу боюнча аянттардын пайда болушун күтүп жатабыз. Буга байланыштуу «Муниципалитет» аттуу жаңы журнал бул багыттагы өнүгүүгө өз салымын кошот деп үмүттөнөбүз.

Жогоруда айтылгандардын «ичинде» отурган дагы бир маселе бар. Бул – жергиликтүү өз алдынча башкарууга жарандардын тартылуусун күчөтүү. Биринчи кезекте сөз жергиликтүү кеңештер тарабынан көзөмөлдү күчөтүү тууралуу болуп жатат. Бул болсо депутаттардын квалификациясын жогорулатуу шартында гана ишке ашат. Мында демократиянын жана жарандык көзөмөлдүн түз формаларын колдоо жана өнүктүрүү маанилүү. Андан тышкары коомдук угуулар менен гана чектелбестен, жарандардын катышуусунун жаңы механизмдерин киргизүү зарыл. Балким бул жараянда өз сөзүн ЖӨБ органдарынын алдындагы коомдук байкоочулар кеңеши айтат, бирок алардын ийгиликтери же кемчиликтери тууралуу бүтүмдү чыгаруу азырынча эрте. Себеби аналитика жок.

Мындан тышкары чечилүүсү зарыл болгон бир топ көйгөйлөр бар: бул – донордук жардамдын координацияланышы, жергиликтүү экономиканын өнүгүүсүн күчөтүү, аймактарда өсүү чекитин түзүү.

**– Жергиликтүү экономиканы өнүктүрүүгө кеңенирээк токтолсок болобу? Себеби бул түз жана кыйыр айтканда алардын наны эмеспи.**

– Идея бар жана ал келечектүү. Бул – өлкөдө айрым "өсүү чекиттерин" түзүү. Мисалы, бири-бирине жакын жайгашкан муниципалитеттердин бардык деңгээлдеги өнүгүүнүн бюджеттеринин ресурстары топтолгон тобу. Мындай муниципалитеттердеги тез ылдамдыкта өскөн экономикалык активдүүлүктүн эсебинен жакын аралыкта жайгашкан аймактардын экономикасы жанданып, бул активдүүлүк башка аймактарга да жайылат. Албетте мындай муниципалитеттер ресурс, география, коммуникация, транспорт жана башка жагынан атаандаштык артыкчылыгына ээ болушу керек. Мисалы, Ысык-Көл облусунда "өнүгүү чекити" катары Балыкчы шаары боло алат. Бул жерде мамлекеттик колдоо, стимулдаштыруучу гранттар жана өнүктүрүү бюджети багытында принципиалдуу чечимдерди кабыл алуу керек.

Албетте эл аралык донор уюмдардын жардамы да зарыл. Бирок биз жергиликтүү экономикалык өнүктүрүү боюнча долбоорлор инвестициялык багыттарын аныктоодо өздөрүнө гана ыңгайлуу шарттарды эмес, Кыргызстандагы аймактардын жана муниципалитеттердин стратегиялык кызыкчылыктарын эске алышын каалайт элек. Мында алар жергиликтүү экспертизага жана тажрыйбага таянышса жакшы болмок.

**– Донорлор демекчи, жардамды координациялоо, кайталоолорду жоготуу, эффективдүүлүгүн аныктоо тууралуу узактан бери жана көп айтылып келатат. Кырдаалды кандай баалайт элеңиз?**

– Координация – бул жараян. Эч качан «бардыгы координацияланган жана мыкты түрүндө даярдалды» деп айта ала турган учур келбейт. Бул процесс болгон үчүн ал өзүнүн мыйзамдарына ылайык өнүгөт, көзгө көрүнөөрлүк ийгиликтер болот, кемчиликтер да жок эмес. Бирок жалпысынан биз көрүп турабыз, донорлук уюмдар өз убадаларын аткарууга аракеттенип жатат жана иш жүзүндө координация принциптерине берилгенин далилдешүүдө. Мисалы, ЖӨБну өнүктүрүүгө катышкан донордук уюмдар өткөн жылдан тарта бирибиринин иштеринен кабардар болуп туруу, тематикалык жана географиялык жактан кайталоолорду жокко чыгаруу үчүн үзгүлтүксүз координациялык жолугушууларды өткөрүп жатат. «Муниципалитет» аттуу журнал бул процесске өз салымын кошо алмак.

Ошол эле учурда сырткы өнөктөштөрдөн координацияны талап кылуудан мурда биз өз аракеттерибизди жакшылап координациялаганды үйрөнүшүбүз керек. Биз муну жасай алаарыбызды көрсөтүү үчүн жакшы мүмкүнчүлүк бар: ушул тапта Аймакты өнүктүрүү концепциясы даярдалып жатат. Ага Өлкөнү өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү программасы шилтеме жасоодо. Концепцияны иштеп чыгууга Экономиканы жөнгө салуу министрлиги жооптуу. Биз бул Концепцияда жергиликтүү өнүктүрүүнүн, анын ичин-

де жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бардык аспектилерин эффективдүү эсепке ала алабыз. Концепцияда көңүл чордонунда 2012-жылы кабыл алынышы күтүлүп жаткан Борбордон алыстатуу боюнча улуттук стратегия болушу керек. Баса, силердин журналдын окурмандары – муниципалдык лидерлер жана жергиликтүү кеңештин депутаттары – стратегиянын багыттарын талкуулоого кошула алат.

**– “Муниципалитет” журналына сиздин каалоо-тилегиңиз?**

– Силерге ЖӨБнун жана жалпы Кыргызстандын өнүгүүсүнө кызыкдар болгондор ортосунда татыктуу жана тең салмактуу байланыш механизми болуусу каалайм. Өз-өзүнчө долбоорлордун кууш фокустагы жыйынтыгына негизделген “долбоордук бюллетендер” алкагынан чыгып, авторлордун жана адистердин кеңири чөйрөсүн түзүүңөргө тилектешмин. Түрдүү көз караштарды чагылдырып, конструктивдүү талкуу жүргүзгүлө. Силерге, силердин окурмандарыңарга жана жалпы жергиликтүү өз алдынча башкарууга ийгилик каалайм!

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча Улуттук агенттиктин директору Б.Фаттаховдун ЖАҢЫ-ЖЫЛДЫК КУТТУКТООСУ

### Урматтуу жергиликтүү кеңештин депутаттары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери!


**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн атынан, Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча Улуттук агенттиктин жамаатынын атынан келе жаткан 2012-жыл менен Сиздерди куттуктап, чың ден соолук, жеке турмушуңарда бакыт жана Кыргызстан элинин сыйына негизделген профессионалдык ийгиликтерди каалап коюуга уруксат этиңиздер!**

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында иштеп, биздин Мекенибиздин бардык аймактарында болуп, Сиздер биздин өлкөнүн бардык элдери менен күн сайын баарлашасыздар. Ар дайым Сиздер жарандардын күнүмдүк керектөөлөрүн камсыздоого, аймактын социалдык жана экономикалык өнүгүүсүнө байланышкан жергиликтүү жана мамлекеттик маанидеги маселелерди күжүрмөндүк жана чыгармачылык менен чечип келесиздер.**

**Сиздердин активдүүлүгүңүздөр мындан ары да өсүп, Сиздер тартип жана коопсуздукту камсыздоо, жарандардын жакшы жашоосу үчүн аларга шарт түзүп берип, ар бир үй-бүлөнүн эртеңки күнгө карата ишенимин бекемдөө үчүн жамааттык жана бейөкмөт уюмдарды, үй жана кварталдык комитеттерди, дыйкандарды жана ишкерлерди бириктиресиздер деп ишенем.**

**Сиздерден башка эч ким кырдаалды өз убагында жана туура түшүндүрүп, чыңалган абалды жумшартып, биздин мыкты элдик салт-санааларыбыздын бузулушуна жол бербей турган коомдук пикирди түптөп, жаман жоруктарды сынга алып, акыйкат иш жасаганга ошого жараша баа бере албайт.**

**Биз Сиздер менен 2012-жылдын – жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо жылынын алдында турабыз. Бул шайлоо өзгөчө болооруна шарттар бар – бизде күчтүү, көз карандысыз, сабаттуу жана жоопкерчиликтүү жергиликтүү кеңештер аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкарууга өзүбүздүн Конституциялык укугубузду колдонууга бардык мүмкүнчүлүктөр бар. Мен Сиздерди шайлоого өзгөчө көңүл бурууга, Сиздердин жамаатташы жаңы, келечектүү депутаттарды көрүп, аларга шайлоого жана үгүт өнөктүгүнө катышууга оптималдык шарт түзүп берүүгө чакырам. Келе жаткан жыл жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүдө жаңы доордун башталышы болушу мүмкүн: биз салыштырмалуу туруктуулукка ээ болдук, мыйзам жаатында да жылыштар бар, элдин жана бийликтин диалог жүргүзүүгө эрки жетет.**



# 2020 жана 2030-жылдарга ЖӨБ элеси: мамлекеттен жамаатка эволюция

**Для обсуждения стратегических направленЖергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттарын жана орто мөөнөттүү келечекте өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнө жана стабилдүүлүккө жетүүдө анын ролун талкуулоо үчүн Бишкек жана Ошто "Күчтүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу – Кыргыз Республикасындагы туруктуулуктун, этностор аралык ынтымактын жана адамдын жашоосу, өнүгүүсү үчүн шарт түзүүнүн негизи" аттуу темада "тегерек стол" талкуулары өттү.**

**Иш-чарага Жогорку Кеңештин, өкмөттүн, ведомстволордун, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлдөрү, эксперттер, донорлор жана бейөкмөт уюмдар чакырылган. Талкуу "Сорос – Кыргызстан" корунун каржылык колдоосу менен жана БУУнун Өнүктүрүү программасынын (ПРООН) жылдык Адамды өнүктүрүү тууралуу Улуттук докладына даярдыгынын алкагында өткөрүлдү. Бул жылы бул доклад жергиликтүү өз алдынча башкарууга арналган.**

Жыйынтыгында ЖӨБну өнүктүрүү багытында бир нече өзөктүү стратегиялык сунуштар болуп, алар жергиликтүү өз алдынча башкарууга фокус жасалып, 2011-2012-ж.ж. Адамды өнүктүрүү боюнча Улуттук докладдын концепциясына камтылат, андан тышкары 2020-2030-жылдарга ЖӨБнун болжолдуу келечеги иштелип чыкты (ушул күнгө чейин Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун болжолдуу келечеги иштелип чыккан эмес).

Биринчи кезекте бул талкуу мыйзам чыгаруучулар, өкмөт, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана адистер жамааты ортосунда Кыргыз Республикасынын саясий системасында жана социалдык чөйрөсүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ролу жана милдеттерине байланыштуу диалогду жандандыруу үчүн зарыл болчу. Негизги көйгөй – ЖӨБ тууралуу бардык талкуулар мыйзам жана саясий талаанын алкагында гана жүргүзүлүп, тиги же бул аймакта жашаган реалдуу адамдардын чыныгы көйгөйлөрүнө байланбай келет. Ошол эле учурда талкуулар профессионалдык, эксперттик, же чиновниктердин тилинде, мисалы, "өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктар", "өз функциялар", "автономия", "фискалдык механизмдер" деген өңдүү керектүү жана маанилүү, анткен менен калкка түшүнүксүз болгон сөздөрдүн айланасында өтөт.

Талкуу ЖӨБга карата көнүмүш болгон алкактан чыкты. 60тан ашуун катышуучу, анын ичинде ЖӨБ менен алектенгендер үч топко бөлүндү: "мамлекеттиктер", аларга мамлекеттик башкаруу органдарынын, депутаттардын, өкмөттүн жана президенттик аппараттын өкүлдөрү кирди. Экинчиси, "өз алдынча башкаруучулар", ага ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү кирди жана курамына бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү, көз карандысыз иликтөөчүлөр кирген "эксперттер" тобу. Ар бир топ бир нече суроолорго жооп бериши керек болчу, анын ичинде төмөнкүлөргө:

- ЖӨБ социалдык туруктуулукка жана жаңжалдын чыгышын азайтууга таасирин тийгизе алабы?
- ЖӨБ адамдын өнүгүүсү үчүн мисалы, салттар, үй-бүлө баалуулуктар өңдүү шарттарды түзө алабы?

Талкуунун жыйынтыгы "мамлекеттиктер" жана "өз алдынча башкаруучулар" "жогору жактан" таңууланган жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу калыптанып калган түшүнүктөрдүн алкагынан чыга албаганын көрсөттү. Алардын пикирилеринде жана сунуштарында ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү, укуктарды өткөрүп берүү, жергиликтүү бюджеттердин чабалдыгы, мыйзамдын чийкилиги өңдүү салтка айланып калган түшүнүктөр. "Эксперттер" гана үмүт жандырып, "ооба, жергиликтүү өз алдынча башкаруу бул маселелер менен алектене алат жана алектениши керек. Болгону буларда адегенде каалоо, андан кийин гана ресурстар пайда болушу керек. Мындай каалоо калкка жүзүн бурган ЖӨБда гана пайда болот" деп ишенимдүү айтышты.

Мисалы, ЖӨБ жамааттагы этностор аралык ынтымакка таасир тийгизе алабы? Тийгизе алат жана мунун көп мисалдары бар. Калкы көп улуттуу болгон чоң айыл округдары жана шаарлар бар. Ал жактарда жергиликтүү кеңештин депутаттары жана ЖӨБнун аткаруу органдары дайыма кырдаалга көз салып, бардык этностор бир үй-бүлөдөй жашашы үчүн көп аракеттерди корүшөт. Мындай айылдар Чүй жана Фергана өрөөндөрүндө көп жана мындай айылдар көп улуттуу болгонуна карабастан жаңжалдардын чордону болбойт жана жакын жерде жаңжал чыкса да чагымчыл аракеттерге алдырбайт. Мындай муниципалитеттердин сыры жөнөкөй – алардын лидерлери жана ЖӨБнун жетекчилери эч бир мыйзамда бул алардын түздөн-түз милдети болгону жазылбаса да адамдарда сабырдуулук, ынтымакты тарбиялашат. Бул аймактарда майрамдарды бирге өткөрүшөт, кырсык болгондо чогуу кайгырышат, ал эми эгерде жаштар арасында сабырсыздыктын кичинекей эле белгилери пайда болсо, улуулар чогула калып, тарбиялык иштерди жүргүзөт. Ал эми ушундай айылдардан 10 чакырым алыстыктагы башка жерлерде райондук акимдин буйруктарын гана аткаруу менен алек болгон, жаңжал оту тутанганда гана ага тынчсыздана баштаган да айылдар бар.

ЖӨБ салттарга жана үй-бүлө баалуулуктарына таасирин тийгизе алабы? Этностор аралык ын-

тымак өңдүү эле, салттар, үй-бүлөлүк баалуулуктар жана жамааттагы моралдык климат статистикалык эсеп эмес, бул башкарыла ала турган жана башкарыш керек болгон процесс. Бул жарандардын көз карашын жана түшүнүгүн тарбиялоо жана калыптандыруу. Эгерде бул иштер менен жамаат, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары алектенбесе, "менталитетти башкаруу" ролун башкалар – диний уюмдар, экстремисттер, кылмыштуу топтор алат. Мындай учурда маселени Борбор чечет деп күтөн – бейоолук. Борбор эч качан эффективдүү "мээни башкаруучу" боло албайт. Ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу салттар жана баалуулуктар менен иштей алат. Мисалы, элеттик калктын тойлорго чыгашаларын тыюу жолу менен эмес, өзү үлгү көрсөтүп кыскарта алат. Бул үчүн ЖӨБ жетекчиси райондук мамлекеттик администрациянын тарабына суроолуу карабастан, өз жердештери жана алардын келечеги үчүн чын дилинен күйүшү керек. Ошондой эле сөз менен көндүрүү жана өзү үлгү көрсөтүү менен үй-бүлөдөгү зомбулук, кыз ала качуу, балдар эмгеги, зыяндуу адаттар менен күрөшүп, адамдарды жашоосун пландоого, финансылык сабаттуулукка үйрөтсө болот. Бул үчүн административдик ыйгарым укуктарды жана бюджетти олуттуу көбөйтүү деле зарыл эмес. Болгону жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана анын лидерлери өз табиятын, милдетин эске алып, калкка жүзүн бурушу керек. Жогоруда айтылган маселелерди чечүү менен, жергиликтүү өз алдынча башкаруу бир нерседен күмөн санабаш керек: материалдык каражатка байланышкан жолдорду оңдоо, клубду ремонттоо өңдүү маселелер жеңил-желпи чечиле баштайт. Себеби башкаруу органдарынын жана көпчүлүк жарандардын проблемалары чөнтөктө эмес, алардын ой-жүгүртүүсүндө жатат.

Бардык топтор төмөнкүдөй пикирге келишти:

- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жергиликтүү экономиканы өнүктүрүүгө түрткү бере алат жана бериши керек, өзүнүн салыктык базасына да, жамаат мүчөлөрүнүн жакшы жашоосуна да таасирин тийгизе алат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу бизнес үчүн кандайдыр бир шарттарды түзүүгө караганда, колдоочу программаларды негиздөө жана ишке ашыруу аркылуу жергиликтүү экономикага таасирин тийгизе алат. Мисалы, фестивалдар, окуу, маалымдоо ж.б. Экономиканын өнүгүшү жакырчылыкты азайтууга жана муну менен туруксуздуктун пайда болуу ыктымалдыгын төмөндөтүүгө шарт түзөт.
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу адамдын өнүгүүсү үчүн чөйрөгө олуттуу таасир тийгизет. Кыргыз Республикасында адамдын өнүгүүсүнүн деңгээлинин алгачкы тепкичтери жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде калыптанат. Анткени дал ушул жерде адам баштапкы жана орто билимге ээ болот, алгачкы медициналык жардам көрсөтүлөт, маданий жана социалдык жөндөмдүүлүктөр пайда болот. Дал ушул жерде балдар тарбияланып, жаңы муун өнүгөт.
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – Кыргызстандын жаңы жаранын тарбиялоонун башаты. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу үй-бүлөлүк салттардын эң мыктыларын сактап калуу максатында да, үй-бүлөдөгү гармониялык өнүгүүгө тоскоол болуп жаткан көрүнүштөрдү (аялдын укугу, балдардын укугу, кыз ала качуу, чыгымдуу тойлор ж.б.) жоюу, алга жылуу максатында да аларга таасирин тийгизе алат.
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу коррупция менен күрөшө алат, анткени калкка салыштырмалуу жакын. Ал эми калк коррупциялык көрүнүштөргө каршы тура алат.

Андыктан социалдык туруктуулукту камсыздоодо жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ролу өтө жогору. Ошентсе да жергиликтүү өз алдынча башкарууну кыргызстандык коомчулукта туруктуулукту камсыздоонун жалгыз жана жада калса башкы фактору кароо туура эмес. Көп нерсе мамлекеттик органдардан (парламент, өкмөт жана укук коргоо органдарынан, соттордон) көз каранды. Алар жалпы улуттук идеологияны түзүү, мыйзам алдында бардыгы бир деген саясатты жүргүзүү, бардык мамлекеттик жана ЖӨБ органдарында катаал мыйзамдуулукту камсыздоо үчүн жоопту болушу керек. Мындан тышкары жарандык коом жана сырткы оюнчулар (мамлекеттер жана трансулуттук уюмдар) өңдүү башка факторлор да бар.

## Жаңжалдардын себептерин жоготуу үчүн мамлекет эмне кылышы керек?

Бардык топтор – "Мамлекеттиктер", "Муниципалитеттиктер" жана "Эксперттер" – жаңжалдардын себептерин жоюунун алгачкы жана эң маанилүү шарты катары мыйзам алдында ар бир адам бирдей болушун камсыздоодо өлкө башчыларынын бекем саясий эркинин болушу, мыйзамдын үстөмдүгү тууралуу жалпы улуттук идеологияны киргизүү зарылдыгын белгилешти. Ресурстар жана аларга жетүү жаңжалдардын тутаныш себептеринин тизмесинде экинчи гана орунду ээледи.

Экинчи зарыл шарт – калктын жана анын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат көрсөтүү тармагында да, ресурстарды издөө жана колдонууда (муниципалдык каржы жана менчик) да кеңири ыйгарым укуктарын камсыздаган эффективдүү укуктук базаны түзүү, андан тышкары ЖӨБнун калк алдындагы отчеттуулугун камсыздоо. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу жаңы мыйзамдын алкагында бул шарттардын аткарылышы боюнча Адамды өнүктүрүү боюнча Улуттук докладды иштеп чыккан автордук топтун көз карашын биз мыйзамга комментарийге арналган материалда көрсөттүк (www.dpi.kg).

Үчүнчү милдеттүү шарт – мыйзамдын бардыгы тарабынан аткарылышына мамлекеттик ачык көзөмөл системасын түзүү, андан тышкары мыйзамды жана нормаларды бузганы үчүн мыйзамда көрсөтүлгөн чараларды так жана кынтыксыз колдонуу.

Төртүнчү шарт – ЖӨБ органдарын жеткиликтүү каржы ресурстары менен камсыздоо же өз ресурста-

рын (бюджетин) салык базасын кеңейтүү жолу менен өз алдынча көбөйтүүгө шарт түзүү.

Бешинчи шарт – муниципалдык кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо үчүн жакшы шарттарды түзүү.

### Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана адамды өнүктүрүү үчүн шарттар

Бардык топтор жергиликтүү өз алдынча башкаруу адамдын өнүгүүсү жана жашоосу үчүн шарт түзүүгө түздөн-түз таасирин тийгизе алат деген менен макул болду. ЖӨБнун жетекчилери административдик, саясий же башка себептерден улам мамлекетке баш ийген үчүн жана жергиликтүү жамаатка, адамга кызыктуу болгон тапшырмаларды аткаргандын ордуна адегенде мамлекеттик тапшырмаларды аткарууга муктаж болгон үчүн мындай шарттарды түзө албай жатат деген божомол айтылды. Ал эми калк, адам өз кезегинде жергиликтүү өз алдынча башкарууга реалдуу түрдө таасирин тийгизе албайт. Башкача айтканда адамдын өнүгүүсү үчүн шарт түзүү үчүн ЖӨБ органдары өздөрү бекем болуш керек, өзгөчө каржы жана административдик аспектилерден алып караганда.

Каржылык туруктуулук. Бардык топтор каржылык жана салык мыйзамдарын ЖӨБнун салыктык базасын кеңейтүү үчүн карап чыгуу керектигин айтып, бюджеттик деңгээлдердин санын кыскартуу, ЖӨБ арасында бюджеттик ресурстарды бөлүштүрүү механизмдерин жакшыртуу жана категориалдык гранттарды кайра эсептөө зарылдыгын белгилешти.

Административдик туруктуулук. Бардык топтор муниципалдык кадрларды окутуу системасын жакшыртуу керектигин айтып, муниципалдык кызматкерлер үчүн материалдык жана материалдык эмес мотивация чараларын түзүү зарылдыгын белгилешти.

### Жергиликтүү өз алдынча башкаруу эмоциялардын бойогунда

Талкуунун катышуучуларына жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата үч эмоцияны тандоо сунушталды. Жооптордун анализи көрсөткөндөй, эки "тегерек столдун" катышуучулары тең ОПТИМИЗМ деген эмоцияны тандашкан. Мында аймактар арасында жооптор дээрлик окшош болгон: жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата бишкектик катышуучулардын 30у, оштук катышуучулардын 29у ОПТИМИЗМ менен карайт экен.

Жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрүнүн (эки аймакта тең), түндүк региондордун жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын жана Жогорку Кеңештин өкүлдөрүнүн УРМАТТОО сезими жок болгону таң калууну жаратты. Мында Ош шаарынын "тегерек стол" катышуучуларынын жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата УРМАТТОО сезими жогору болду.

Ошондой эле катышуучулардын көпчүлүгүнүн арасында КӨҢҮЛ КАЛУУ жана БООР ООРУ сезими болду, бул өзгөчө Бишкек шаарынын катышуучуларынын арасында (жергиликтүү кеңештин депутаттары, эксперттер) байкалды. Балким буга 2008-2010-жылдары борбордон алыстатуу процессинин артка жылышы жана 2010-жылы жайында өлкөдөгү туруктуулукту сактоодо ЖӨБ органдарынын алсыздыгы себеп болушу мүмкүн.

Жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата сезимдердин графикалык көрсөткүчү төмөндө чагылдырылды, ал эми аудитория тууралуу маалыматтар 3-таблицада көрсөтүлдү.

### 2020-2030-жылдардагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун элеси

Эксперттердин бирдиктүү пикирлеринин анализи "ЖӨБ-2020" жана "ЖӨБ-2030" долбоорлорун түзүүгө жардам берди.


"Тэгдер булуттарынын" жардамы менен авторлор "ЖӨБ-2020" долбоорун көрсөтө алды жана анын жыйынтыгы 2020-жылы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасынын каржылык жактан көз карандысыз болуу артыкчылыгын далилдейт.

"Тэгдер булуттарынын" жардамы менен авторлор

**1-сүрөт. Жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата сезимдердин графикалык көрсөткүчү ("Тэгдер булуттары" технологиясынын базасынын негизинде)**



**2020-жылдагы Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул каржылык ресурстардын жана тажрыйбалуу кадрлардын жардамы менен муниципалдык кызматтарды жогорку деңгээлде көрсөтүү менен калктын жашоосун жакшырта алган, каржылык жана административдик жактан көз карандысыз ЖӨБ органдарынын туруктуу системасы.**
**ЖӨБ органдарынын калк алдында жооптуу жана ачык-айкын болгон системасы мыкты мыйзамдарга негизделет жана жарандардын колдоосуна ээ болот.**




**2030-жылдагы Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул жарандар алдындагы ачык-айкын жана жооптуу иши үчүн калк арасындагы аброю жогору болгон, каржылык жана административдик жактан көз карандысыз ЖӨБ органдарынын туруктуу системасы.**
**ЖӨБ органдарынын системасы кол алдындагы аймактагы жашоо шартты жакшыртуу жана жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү маселелерин чечет.**
**Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ийгилиги тажрыйбалуу кадрларга, каржылык көз карандысыздыкка, эффективдүү башкарууга жана административдик автономияга негизделген.**




“ЖӨБ-2030” долбоорун көрсөтө алды жана анын жыйынтыгы 2030-жылы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасынын калк алдындагы отчеттуулугун жана айкындуулугун, колдоосун далилдейт.

2020 жана 2030-жылдардагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын кабыл алууну салыштырууда бул он жылдыктарда система өзгөрүшү керектигин белгилей кетиш керек. Эксперттер 1-диаграммада көрсөтүлгөн жыйынтыкты салыштырышты.

Саясатчылар жана эксперттер 2020-жылдан 2030-жылга карата жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кандай өзгөрөөрүн карай турган болсок, анда каржылык көз карандысыздык бир топ маанисин жоготоорун байкоого болот. Муну аудиториянын 2030-жылга карата ЖӨБ органдары зарыл болгон каржылык өз алдынчалыкка жете алат деген күтүүсү менен түшүндүрсө болот. Ошондой эле административдик көз карандысыздык, эффективдүү муниципалдык башкаруу актуалдуулугу бир аз азайышы мүмкүн. Биринчи планга башка маселелер чыгат, алардын эң негизгиси – ишеним, отчеттуулук, айкындуулук. Кадрлардын квалификациясы жана муниципалдык башкаруунун эффективдүүлүгү мындан да актуалдуу болот. Мындан тышкары жаңы мүнөздөмө пайда болот – жергиликтүү экономикалык өнүгүүдө өз алдынчалуулук.

**Аймактарды күчөтүүгө, Кыргызстандын шаар жана айыл тургундарынын жашоо шартын жакшыртууга кайдыгер карабагандардын көңүлүнө!**

**Күчтүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу болмоюн бул максаттарга жетүү мүмкүн эмес.**

**Бирок биз ЖӨБнун өнүгүү багытын аныктап, 10, 20 жылдан кийин кандай көрөөрүбүздү түшүнүп алышыбыз керек!**

**Кесиптештер жана достор! “ЖӨБ-2020” жана “ЖӨБ-2030” элеси талкуусуна катышыңыз!**

**Сунушталган долбоорлор боюнча өз комментарийлериңерди төмөнкү даректер боюнча жолдоңуз:**
**почта – 720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44-үй, Өнүктүрүү саясат институту, “Муниципалитет” журналынын редакциясы;**
**электрондук – office@dpi.kg, nadya.dobretsova@gmail.com**

# ЖАҢЫ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР

**Өнүктүрүү саясат институту “Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” аттуу ири долбоорду ишке ашырууга тендерди утуп алды.**

**Долбоор Кыргыз Республикасындагы Кызматташтык боюнча Швейцариялык Бюро жана Улуу Британиянын Эл Аралык Өнүктүрүү боюнча Министрлиги менен өнөктөштүктө каржыланат.**



## Лоран Ги, Кызматташтык боюнча Швейцариялык Бюронун жана Кыргызстандагы жана Өзбекстандагы консулдук агенттиктин аймактык директору: “ЖОГОРУ ЖАКТАН ТӨМӨНДҮ КАРАЙ КАБЫЛ АЛЫНГАН ЧЕЧИМДЕР ТӨМӨН ЖАКТАН ЖОГОРУ КАРАЙ КАБЫЛ АЛЫНГАН ЧЕЧИМДЕРГЕ ОРУН БОШОТУП БЕРИШИ КЕРЕК ”

**– Кызматташтык боюнча Швейцариялык бюронун (мындан ары – КШБ) Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүүсүн колдоо тууралуу чечими өз убагында кабыл алынды. Өлкө чечимдерди кабыл алуу боюнча ыйгарым укуктарды муниципалитеттердин, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун пайдасына кайра бөлүштүрүүгө байланыштуу башкаруу структурасында олуттуу реформаларды жүргүзүү зарылдыгы алдында турат. Эмне үчүн чечим дал ушул ЖӨБнун пайдасына кабыл алынды?**

– Мунун бир нече себеби бар. Биринчиден, Швейцария – башкаруу деңгээлдери субсидиардык жоопкерчилик принцибине негизделген башкаруу өкүм сүргөн, борбордон алыстатылган өлкө. Жөнөкөй сөз менен айтканда, чечимдер алар аткарылган деңгээлде гана кабыл алынат. Мындай тартипте жергиликтүү маанидеги маселелер муниципалитеттер деңгээлинде чечилет, муниципалитеттер үчүн жалпы маселелер кантондор деңгээлинде чечилет, ал эми жалпы улут үчүн мааниге ээ болгон маселелер башкаруунун улуттук деңгээлине – мамлекетке өткөрүлүп берилет. Швейцариянын жарандары бул системаны баалайт, ал эми Өкмөт болсо башка өлкөлөрдө да борбордон алыстатуу системасын колдоону өз милдети деп билет. Себеби биз адамдардын жашоо сапатын жакшыртуу процессинде анын эффективдүүлүгүнө ишенебиз. Жогорудан төмөндү карай кабыл алынган чечимдердин маанисин эске алуу менен, биз төмөндөн жогору карай кабыл алынган чечимдердин эффективдүүлүгүн эч нерсе алмаштыра албаарына жана толуктай албаарына ишенебиз.

Экинчиден, каржылык жагынан борбордон алыстатуунун босогосунда кайрадан турган Кыргыз Республикасындагы муниципалитеттер өз бюджетин, муниципалдык финансыны башкарууда тажрыйбасын жакшыртууга өтө зар болгонун көрүп турабыз. Азырынча бюджеттер өтө чоң эмес учурда алардын башкаруу жана функционалдык потенциалын күчөтүү өтө маанилүү. Себеби алардын колуна олуттуу каражат тийгенде алар улуттук деңгээлдеги башкаруунун алдында өзүн жаман жагынан көрсөтүп албашы керек жана бюджетти эффективдүү башкарууга даярдыгын жана мүмкүнчүлүгүн көрсөтө алышы зарыл. 2007-жылдагы реформанын жыйынтыгы боюнча биз билебиз: ЖӨБ органдарынын каражатты башкаруудагы төмөн потенциалы, ага даяр эместиги мындай реформалардын уланышына каршы болгондордун күчтүү жүйөсү болду. Биз мындай жагдайдын кайталанбашы үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жардам бергибиз келет.

Үчүнчү себеп – жергиликтүү бюджетти башкарууда айкындуулукка болгон зарылчылык, бул болсо коррупция менен күрөшкө түздөн-түз байланышкан. ЖӨБ органдарындагы коррупциянын деңгээли борбордук башкаруу органдарындагыларга салыштырмалуу төмөн болгону менен, паракорчулукка таптакыр бөгөт койо ала турган механизмди иштеп чыгуу зарылчылыгы бар. Жергиликтүү бюджеттер калк үчүн ачык жана айкын болуш керек, бул болсо аларды башкарууну мындан дагы эффективдүү кылмакчы. Бирок бул үчүн жарандар бюджеттик система, бюджеттер аралык мамилелер, бюджеттик процесс жана структура тууралуу түшүнүктөргө ээ болушу керек. Башкача айтканда жарандар бюджетти түшүнүшү керек, андыктан долбоордун олуттуу бөлүгү калк арасында бюджеттик сабаттуулукту жогорулатууга багытталган. Ошол эле учурда долбоор жарандарды бюджеттик процесстин теориялык негиздерине окутуу менен гана чектелбестен, анын процедуралары майда баратына чейин түшүндүрүлүп берилиши шарт. Мисалы, тендерлерди өткөрүү, сатып алууларды уюштуруу жана бюджетти түзүүдө гана эмес, анын аткарылышында да жарандардын артыкчылыктарын эсепке алуу. Мунун башкаруу сапатын жакшыртуусун жогорулаткан далилин мен Индияда көргөм. Бул өлкөдө бюджеттик маалыматтарды элге түшүнүктүү маанайда маалымат такчаларга жайгаштырганда, каражатты колдонуунун эффективдүүлүгү 50 пайызга өскөн.

**– Башка көптөгөн донордук долбоорлордон айырмаланып, сиздер өз жардамыңарды түздөн-түз жергиликтүү өз алдынча башкарууга жолдойсуздар. Мисалы, гранттык компонентти буга чейинки көпчүлүк башка донорлор сыяктуу жамааттагы топтор аркылуу эмес, ЖӨБнун аткаруу органдары, жергиликтүү бюджет аркылуу ишке ашырууну сунуштап жатасыздар. Эмне үчүн?**

**–** Биз өзүбүздөн кийин туруктуу, иштеген системаны калтырууга аракет жасашыбыз керек. Бул системаны жамааттагы топтор эмес, ЖӨБ органдары түзөт. Башка донорлордун иштөө принцибин сындагым келбейт, бирок биздин ишени-

мибизде, легитимдүү, башкаруунун демократиялык формасы болгон ЖӨБ органдарынын системасын өнүктүрүүнү колдоого мезгил жетти. Мындан тышкары биз ЖӨБ органдарында параллелдүү, бирин-бири кайталаган структуралардын түзүлүшүнө каршыбыз. Мыйзамга ылайык, ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелер менен алектениши керек, бул алардын түздөн-түз милдети. Анда эмне үчүн чечим кабыл алууда кандайдыр бир жаңы структураларды түзүш керек?

**– Бул долбоорду ишке ашыруу чечими менен 2010-жылы Кыргызстандын тарыхында орун алган окуялар ортосунда байланыш барбы?**

– Жок, түз байланыш жок, себеби долбоорду ишке ашыруу тууралуу чечим ошол окуялар орун алганга чейин эле кабыл алынган жана бул Кыргыз Республикасында башкаруунун улуттук деңгээлиндеги реформаларды колдоо боюнча комплекстик программалар менен байланыштуу. 2010-жылдагы окуялар калк бийликтин, анын ичинде жергиликтүү бийликтин борборлоштурулуусуна толеранттуу болбогонун, диалог түзүү боюнча аракеттер керек болгонун көрсөтүп, бул долбоордун зарылчылыгы тууралуу ишенимибизди ого бетер бекемдеди.

**– Реформанын келечегин кантип баалайт элеңиз? Олуттуу өзгөрүүлөр ыктымалбы жана алар зарыл деп эсептейсизби?**

– Тоок жана жумуртка тууралуу белгилүү сөздү эстеп жатып, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мүмкүнчүлүктөрү жана жоопкерчилиги тең өсүшү керектигин айтаар элем. Автономиянын өтө тез ылдамдыкта өсүшү муниципалитеттердин өздөрүнө жүктөлгөн ыйгарым укуктарды аткара албай калышына алып келиши ыктымал. Потенциалдын өтө тез ылдамдыкта өсүшү ЖӨБ системасынан жакшы адистердин кетүүсүнө жана наразычылыгына алып келиши мүмкүн. Андыктан реформа өз нугунда, эволюциялык жол менен кетиши керек.

**– 2018-жылы долбоордун жыйынтыгы чыгарыла баштаганда Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу кандай болот деп элестетип жатасыз?**

– Муниципалдык кызматтардын сапаты жалпысынан калкты канааттандырган деңгээлге жетип, муниципалдык каражат профессионалдык жана эффективдүү маанайда башкарылып, жергиликтүү өз алдынча башкаруу толугу менен айкын жана калк алдында жооптуу болуп, ал эми шаарлар жана айылдарда жашоо азыркыга салыштырмалуу оңолот деп эле-

# ЖАҢЫ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР



## Бекболот Бекиев, "Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" долбоорунун жетекчиси: "ДОЛБООР МУНИЦИПАЛИТЕТТЕРГЕ ЖАКШЫ МҮМКҮНЧҮЛҮК ТҮЗҮҮДӨ"

**– Долбоордун актуалдуулугун жана зарылчылыгын кантип баалайт элеңиз?**

– Акыркы эки жылда өлкөдө жалпысынан ЖӨБ органдарынын системасын колдогон ири долбоор ишке ашырыла элек болчу. Бул 2010-жылга чейин өкмөттүн саясий багыты жергиликтүү өз алдынча башкарууну күчтөндүрүүгө эмес, борбордоштурууга, бийлик вертикалын түзүүгө жол алганына да байланыштуу болду. Эми бизде саясий жактан да жаңы мүмкүнчүлүктөр ачылып, долбоордун колдоосу өз убагында болду. Ал эми зарылчылыгы тууралуу айта турган болсом, ал эксперттерге да, ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнө да маалым болуп турат. Канчалык зарыл болгонун түшүнүү үчүн ЖӨБнун башчысынын болгону бир гана күнүн жашап, муниципалитеттердин алдында турган олуттуу көлөмдөгү маселелерди чечүүгө аракет кылып көрүү керек. Биз долбоордун уландысы, улуттук өнөктөштөрдүн жана донорлордун колдоосу, команданын профессионализми ийгиликтүү жыйынтыктарга алып келип, ЖӨБ органдарына алардын маселелеринин жок дегенде кандайдыр бир бөлүгүн чечип бере алабыз деп ишенип турабыз.

**– Эмне үчүн Өнүктүрүү саясат институту долбоордун аткаруучусу болуп тандалып алынды?**

– Өнүктүрүү саясат институту бир нече чет элдик компаниялардан озуп чыгып, бул тендерди утуп алганы менен абдан сыймыктанат. Бизге белгилүү болгондой, Кыргызстанда алгачкы жолу ушундай деңгээлдеги ири долбоорду жергиликтүү, кыргызстандык бейөкмөт уюм ишке ашырып жатат. Бирок күрөш жеңил эмес жана таза болду. Биз өлкө деңгээлиндеги бейөкмөт уюм катары калыптанганыбызды далилдөө үчүн бир нече жыл катуу иштедик.

**– Долбоордун убактылуу алкактары кандай?**

– Долбоорду ишке ашыруу мезгили 6,5 жылга эсептелген, процесс бир нече фазага бөлүнгөн. 2011-жылдын 1-ноябрында Өнүктүрүү саясат институту долбоордун кириш фазасын ишке ашыра баштадык. Анын алкагында үч сынамык айылдык аймактардын жардамы менен биз долбоордун алгачкы, үч жылдык фазасында колдонула турган механизмдерди сынайбыз жана колдонобуз. Кириш фазасынын маалында биз үч жылдык иш планын иштеп чыгабыз, аны сөзсүз улуттук жана жергиликтүү деңгээлдеги бардык өнөктөштөрүбүз менен талкуулайбыз. Ал өзүнө гранттык механизмди камтыйт. Баса, айылдардын инфраструктурасын жакшыртууга багытталган гранттар ЖӨБ органдарынын "колдору" менен ишке ашырылат. Негизги фазасында долбоордун иши башка муниципалитеттерге жайылат, бирок алар канча болоорун биз кириш фазасында аныктайбыз.

**– ЖӨБ органдарынан тышкары дагы ким долбоордун пайдасын көрүүчү (бенефициар) болот?**

– Албетте биз Жогорку Кеңеш, Өкмөт, Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча Улуттук агенттик, Каржы министрлиги жана башка ведомстволор менен тыгыз кызматташууну пландаштырып жатабыз. Мындан тышкары билим берүү мекемелери, бейөкмөт уюмдар, донорлор, массалык маалымат каражаттары долбоордун аудиториясы болот. Албетте долбоордун башкы өнөктөшү – Кыргызс Республикасындагы айылдык муниципалитеттердин калкы болот.



# Ресурстарды АКЫЙКАТ БАШКАРУУ жаңжалдардын алдын алат

**Ар бир жаңжалдын, жада калса аскердик кагылышуулардын өзөгүндө эмне жатат? Ресурстарга жетүү. Кыргызстан үчүн жер жана сууну тең укуктуу, акыйкат жана ачык бөлүштүрүү маселеси өзгөчө курч турат. Адамдардын көп тобу түрдүү мезгилдерде жана түрдүү себептер менен өз укуктарынын жана кызыкчылыктарынын тебеленгенин сезип, наразылыгын билдириши мүмкүн. Муну менен коомдогу туруксуздук түзүлүп, ал өз кезегинде өлкөнүн жана ар бир адамдын өнүгүүсүнө тоскоол болот. 2010-жылдагы зомбулуктун орун алышы элге жана бийликке маселени өз убагында башкарууну жакшыртуу жана бардыгына тең бөлүштүрүү менен чечүү керектигин көрсөттү.**

## Ресурстарды эффективдүү башкаруунун эсебинен Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарында жаңжал потенциалын төмөндөтүү максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын потенциалын күчөтүү

Долбоордун сүрөттөмөсү

**Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын потенциалын күчөтүү максатында сандык жана сапаттык жагынан масштабдуу "Ресурстарды эффективдүү башкаруунун эсебинен Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарындагы жаңжал потенциалын төмөндөтүү максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын потенциалын күчөтүү" долбоору ишке кирген. Долбоор 2011-жылдын март айынан ноябрга чейин созулду.**

**Долбоор Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык уюму (ЕККУ) тарабынан каржыланып, кыргызстандык беш бейөкмөт уюм тарабынан ишке ашырылды: Өнүктүрүү саясат институту, "Укук жана бизнести өнүктүрүү фонду" КФ, "ЛАРК Кадамжай" КФ, "Фонд развития села" КФ, "Бейөкмөт уюмдарды колдоо боюнча координациялык борбор" КФ, "Эл аралык толеранттуулук үчүн" КФнын Жалал-Абаддагы филиалы. КР Өкмөтүнүн алдындагы Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча Улуттук агенттик Кыргыз Республикасы тарабынан долбоордун расмий өнөктөшү болду.**

**Долбоордун максаты – ресурстарды башкаруу эффективдүүлүгүн жогорулатуу, төмөнкү өнүгүү чөйрөлөрүндө отчеттуулукту жана айкындуулукту күчөтүү:**

- **муниципалдык менчикти башкаруу (Өнүктүрүү саясат институту);**
- **айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруу ("Укук жана бизнести өнүктүрүү" Коомдук Фонду жана "ЛАРК Кадамжай" Коомдук Фонду);**
- **коммуналдык кызмат көрсөтүү жана коммуналдык кызматтар үчүн төлөмдөрдү чогултуу ("Бейөкмөт уюмдарды колдоо боюнча координациялык борбор" Коомдук Фонду);**
- **кызматташтык жолу менен суу ресурстарын башкарууну жакшыртуу ("Фонд развития села" Коомдук Фонду);**
- **жаңжалдарды алдын алуу ("Эл аралык толеранттуулук үчүн" Коомдук Фондунун Жалал-Абаддагы филиалы).**

**Долбоордун биринчи баскычы ага 30 сынамык элеттик муниципалитеттердин катышуусун караштырган. Алар көрсөтүлгөн темалар боюнча окутуулардан өтүп, алган билимдерин өз муниципалитеттеринде практика жүзүндө колдонууга аракеттенишкен.**

**Экинчи баскычында ар бир сынамык аймактын үч "кол алдындагы" аймакка тажрыйбасын жайылтуу каралган: 30 сынамык аймак ментор катары коңшу үч муниципалитетти окуткан. Натыйжада бул долбоорго тартылган муниципалитеттердин саны 102 айылдык аймакка жетти. Айылдык аймактарга төмөнкүдөй стимулдаштыруучу механизмдер сунушталган: менторлордун эмгек акысы, компьютердик техника, жамаат үчүн маанилүү долбоорду ишке ашырууда субгранттык колдоо.**

# Муниципалдык менчик

Өнүктүрүү саясат институтунун иши муниципалдык мүлктү башкарууну жакшыртууга, муну менен катар башкаруу айкын, акыйкат болуп, жергиликтүү бюджеттин кирешесин көбөйтүүнүн эсебинен жамааттын бардык мүчөлөрүнө пайда алып келүүгө багытталган.

ӨСИнун иш тартиби төмөнкүдөй болгон:

- 30 сынамык аймакты жана долбоорду ишке ашыруу үчүн бул аймактагы жооптуу адистерди тандоо;
- 30 менторду сынамык аймактагы муниципалдык менчикти башкарууга үйрөтүү;
- 30 сынамык муниципалитеттеги муниципалдык менчикти башкаруунун сапатын анализдөө, анын негизинде ар бир сынамык аймактагы долбоорду ишке ашыруу боюнча чаралардын индивидуалдык пландарын иштеп чыгуу;
- 30 сынамык аймактагы адистерди жана жамааттын өкүлдөрүн (ар бир айылдык аймакта тренингге 25тен ашуун адам катышты, ал эми жалпысынан 800дөн ашуун адам окутулду) окутуу (тренингдер);
- коңшу "шефтик" алдындагы 72 аймакта 30 ментор менен биргеликте окутуу; ар бир тренингге 15ке чейин адам катышты, ал эми жалпысынан 1000ге жакын адам катышты;
- "үй тапшырмаларын" аткаруу – жеринде, 30 сынамык аймакта өткөн темаларды практика жүзүндө ишке ашыруу;
- алынган билимди бекемдөө үчүн жеринде консультацияларды өткөрүү жана кыска мөөнөттүү тапшырмаларды аткаруунун жыйынтыктарын баалоо;
- үч облуста проблемаларды аныктоо жана аларды чечүүнүн кийинки жолдорун тактоо үчүн жумушчу форумдар;
- окуу сапарлар – тажрыйба алмашуу, ийгиликтүү аймактын жетишкендиктерин башка элеттик муниципалитеттерде жайылтууу, муну менен муниципалдык өз ара кызматташтыкты өркүндөтүү;
- муниципалдык өз ара кызматташтыктын принциптерине негизделген долбоорлорду жамааттын кызыкчылыгы үчүн ишке ашырууда эки айылдык аймакка конкурстук негизде субгранттык колдоо көрсөтүү;
- жыйынтыктарды жайылтуу үчүн Баткен, Жалал-Абад, Ош облустарында финалдык форумдар;
- долбоордун жыйынтыгы тууралуу коомчулукту маалымдоо үчүн Бишкек жана Ошто пресс-сессиялар.

## Долбоордун натыйжалары

Бардык эле муниципалитеттер – долбоордун катышуучулары "үй тапшырмасына" берилген тапшырмаларды аткара алган жок. Буга айылдык башкармалыктын кызматкерлеринин ишинин көптүгү жана аймак жетекчилигинин кызыгуусунун төмөндүгү негизги себеп болду. Ошентсе да муниципалдык менчикти башкаруу тажрыйбасы көпчүлүк муниципалитеттер үчүн алгачкы болгонун эске алганда алынган жыйынтыктар долбоордун ийгиликтүү болгонунан кабар берет. Долбоордун жүрүшүндө анын катышуучулары – сынамык жана анын шефтигиндеги айылдык аймактар бир нече тапшырмаларды аткарды.


### I тапшырма. Мамлекеттик менчиктен муниципалдыкка өткөрүлүп берилген объекттер тизмеси менен реалдуу түрдө кабыл алынган объекттердин тизмесинин ортосундагы айырманы аныктоо. Айырмачылыктын себептерин тактоо

Бул тапшырманын маңызы боюнча, муниципалиттер муниципалдык менчикти түзүүдө аларга эмне берилгенин, ошол эле учурда кайсы себептер менен алар жоголгонун, жоголгон менчикке карата муниципалитеттин саясаты кандай болушу керектигин аныкташат. Бул тапшырманы 15 айылдык аймак, башкача айтканда сынамыктардын жалпы санынын 50 пайызы аткарды.

Анализ көрсөткөндөй, муниципалдык менчиктеги объекттердин саны алар пайда болгон учурга салыштырмалуу көбөйгөн (Диаграмма 1).

1996-жылы Өкмөт өзүнүн №531 токтому менен 30 муниципалитетке 504 объектти берген, ал эми 15

**1 диаграмма. Ош, Баткен жана Жалал-Абад облусттарында муниципалдык менчиктеги объекттердин саны**




жылдан кийин, 2011-жылдын ноябрына карата айылдык аймактардын менчигине 897 объект өткөн. Башкача айтканда өсүш 78 пайызды түзгөн. Бул оптимисттик маанайды жаратат: элеттик муниципалитеттер жарандардын менчигин сактап гана калбастан, аны көбөйтө да алышкан! Бирок чындыгында кырдаал башкача: иш жүзүндө кийин берилген 422 объекттин көбү бул токтомго кирбей калган. Бул балким 1996-жылы өкмөткө бардык объекттер боюнча маалыматты бурмалап берген жергиликтүү адистердин айынан болушу мүмкүн.

Бул объекттер Өкмөттүн №531 токтомуна кирбей калса, алардын башка укуктук документтери болбосо, элеттик муниципалитеттер аларды кантип жана кандай негизде өзүнө өткөрүп алганы тууралуу суроого адистер түрдүү жоопторду беришет:

# 2012-жылы биз ресурстарды эффективдүү жана акыйкат башкарууну колдоо аракеттерин кеңейтүүнү пландаштырып жатабыз


*Зейнеп Исакова,*
ЕККУнун Бишкектеги борборунун улук программалык ассистенти:

**Бүгүнкү күндө натыйжалар тууралуу толук жыйынтык чыгаруу азырынча эрте. Анын үстүнө жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана суу колдонуучулар ассоциациясын колдоо боюнча долбоорлор бир нече жылга эсептелген. Ошентсе да азыртадан эле муниципалитеттер арасындагы кызматташтыктын, тажрыйба алмашуу иштериндеги жылыштардын күчөгөнүн белгилесе болот. Буга чейин биз жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен мынчалык тыгыз иш алып барбагандыктан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин жакшыртуу мүмкүнчүлүктөрүнүн анализи жасалды. Бул болсо долбоордун аягына чейин колдонулду жана кийинки жылдын долбоорунун тактикасында да колдонулмакчы.**

**Биздин 2012-жылга карата пландарыбыз азырынча акыр аягына чейин түзүлүп бүтө элек, ошентсе да кайсы бир идеялар бизде бар. Кийинки жылы биз каттоо жана жер ресурстарын бөлүштүрүү тармактарында өз колдообузду тереңдетүүнү пландаштырып жатабыз. Бул болсо эки максатты көздөйт: жерге байланыштуу жаңжалдарды алдын-алат жана жергиликтүү бюджеттин кирешесин көбөйтүү үчүн жер ресурстарын башкаруу ишин жакшыртат. Мурдагыдай эле биз жер боюнча адистерди жана айылдык аймактардын башчыларын окутуу, алардын ортосунда тажрыйба алмашууну бекемдөө иштерин уланта бермекчибиз. Ошондой эле жер боюнча таасирдүү мыйзамдардын иштелип чыгышына салым кошуу максатыбыз бар: түрдүү мыйзам актыларындагы дал келбөөчүлүк жана карама-каршылыктарды аныктоо үчүн ушул таптагы жер ресурстарын башкаруу практикасына, ошондой эле азыркы учурда каттоо жана жер ресурстарын бөлүштүрүүдө муниципалитеттерге көйгөй жараткан учурларга анализ жүргүзүү болжолдонуп жатат.**

- көпчүлүк объекттер токтомдун негизинде колхоздордон айыл өкмөтүнө автоматтык түрдө өтүп кеткен, бул мыйзамдуу;
- де-факто муниципалдык болуп калган, бирок кандайдыр бир укук берген документтери болбогон мурдагы совхоздук объекттерге байланыштуу бул объекттерди муниципалдык менчикке өткөрүп берүү тууралуу токтом чыгарып берүү өтүнүчү менен муниципалитеттер Өкмөткө кайрылышы керек (тилекке каршы көп менторлор жана муниципалитеттердин адистери бул маалыматты алгачкы жолу тренингдерден угушту);
- эл аралык донор уюмдардын эсебинен же башка ыкмалар, мисалы, ашар жолу менен курулган жаңы объекттерде болсо алуу-берүү актылары бар, алардын негизинде мындай объекттер муниципалдык менчикке берилген;
- ал эми эч кандай укук берүүчү документке ээ болбогон объекттерге байланыштуу маалыматтарды муниципалитеттер түрдүү булактардан (архивдерден) издеши керек, себеби ар бир объект кимдир бирөө тарабынан курулган жана кимдир бирөө ага ээлик кылган, ушундан улам керектүү документтер сөзсүз табылат.

**2 диаграмма. Өкмөт тарабынан берилген муниципалдык объекттердин саны менен алардын иш жүзүрдөгү санынын айырмасы**




Бардык муниципалитеттердин негизги каталарынын бири – муниципалдык менчиктеги объекттерди эсептөө жана инвентаризациялоодо укугун аныктоочу жана укугун тастыктоочу документтер көз жаздымда калат. Ал эми бул документтерде жалпысынан объектти кеңири мүнөздөгөн маалымат гана эмес, анын өзөгүн түзгөн бөлүктөр да болот. Белгилүү болгондой объект, мисалы, мектеп имарат жана курулуштардан гана турбастан, анын курамына жер же жер тилкелери да кириши мүмкүн. Мында объектти түзгөн бөлүктөрү өзүнүн мүнөздөмөлөрүнө ээ болот, алар объектти сапаттуу эсепке алууда сөзсүз зарыл болот.

## II тапшырма. Муниципалдык менчиктин укугунун мамлекеттик каттоодогу абалын аныктоо

Тапшырманын маңызына ылайык, муниципалитеттердин көңүлүн муниципалдык менчикти башкаруудагы өзгөчө көйгөйлүү маселеге буруу. Бул – муниципалдык менчиктин укугун каттоодогу төмөнкү деңгээл өңдүү көйгөй. Бул өз кезегинде муниципалдык менчикти экономикалык негизде колдоно албоого, атүгүл аны жоготуп алуу коркунучуна түртөт. Бул тапшырманы 18 айылдык аймак аткара алды, башкача айтканда катышкандардын 60 пайызы.

Эгерде долбоордун башында алынган жыйын-

тык менен анын аягында көрсөтүлгөн жыйынтыкты салыштырсак, муниципалдык менчиктин укугун каттоого байланыштуу олуттуу жылыштар байкалганын көрүүгө болот. Мисалы, долбоордун башында 29 айылдык аймак алардын менчигинде 900 объект болгонун айтышкан. Бирок долбоордун аягында 18 айылдык аймак аларда укуктары катталган 579 объект болгонун аныктаган. Бул муниципалдык объекттер азайды дегенди түшүндүрбөйт, бул болгону муниципалитеттер кырдаалды реалдуу баалай баштаганын жана колунда чындыгында эмне болгонун так билип калды дегенди түшүндүрөт.

Акыркы 10 жылда Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча Улуттук агенттик (ЖӨБИУА) донордук уюмдардын колдоосу менен муниципалитеттерди өзүнүн муниципалдык менчиктеринин укуктарын каттоого түртүп жатты. “2009-жылы биз бардык айылдык муниципалитеттерди кыдырып чыгып, муниципалдык менчиктеги объекттердин толук тизмесин берүүнү өтүндүк. Бирок, тилекке каршы, ушул күнгө чейин көңүл жылытаарлык жыйынтыктарды көрө элекпиз. 1999-жылдын башынан бери ЖӨБИУА муниципалдык менчик боюнча түштүктөгү үч облуста беш тренинг өткөрдү, ошентсе да маселе чечилбеген бойдон турат”, - дейт агенттиктин өкүлү.

Негизинен маселе жергиликтүү каттоо органдарына мамлекеттик каттоо боюнча кызматты төлөө үчүн зарыл болгон каражаттын жергиликтүү бюджетте болбогонунан улам чечилбей келатат. Көпчүлүк муниципалитеттер каражат таап, өз объекттерин каттоодон өткөрүү зарылдыгын түшүнүп турат, ал эми Өнүктүрүү саясат институту бардык муниципалитеттерге буга байланыштуу чыгашаларды бюджетке киргизүүнү дайыма сунуштап келет. Ошондой эле системалык каттоодо муниципалдык менчик “алдын ала каттоодон” гана өткөнүн, ал муниципалдык менчиктин укуктарына кепилдик бербей турганын эстен чыгарбаш керек. Муну бардык муниципалитеттер көңүлүнө алып, бул маселени кыска мөөнөттүн ичинде чечүүгө аракет жасашы керек.

Менчик укугуна толук каттоого гана кепилдик берет. Практика көрсөткөндөй, көпчүлүк муниципалитеттер каттоо үчүн документтерди тапшырып коюп эле андан өттүк деп жаңылыш эсептешет. Бирок мындай каттоону толугу менен соңуна чыккан деп айтууга болбойт.

Долбоордун бир катышуусун мындай суроо берди: “Бизде муниципалдык менчикте 50 объект бар. Эгерде биз ар бир объектке каттоо карточкасын улам суроо жолу менен алып отурсак бул бизге кымбатка түшүп калат. Бирок карточкалар – болгону жөнөкөй маалымат. Толук каттоо – бул чоң каражатты талап кылган, айыл көтөрө албай турган чыгымдар. Эмне кылышыбыз керек?”. Суроону ар тараптуу караса болот: кайсынысы чыгымдуу – каттоо үчүн каражат коротуубу, же менчик укугу сакталбай калгандын айынан аны жоготуп алуубу?

Бирок жалпысынан муниципалдык менчиктеги объектти каттоо үчүн кеткен чыгаша тууралуу суроо көп жылдардан бери ачык калып келүүдө. Мамлекеттик каттоо кызматы – чарбалык уюм жана тиешелүү акы төлөнбөсө өз ишин аткара албайт.

# Айылдардагы жер жана сууга байланыштуу көпчүлүк жаңжалдарды ЖӨБ өз күчү менен жоё алат

*Фолькер Якоби,*
ЕККУнун Бишкектеги борборунун башчысынын милдетин аткаруучу:

**“2011-жылы ЕККУнун Бишкектеги борбору Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын колдоо боюнча долбоорду ишке киргизди. Бул географиялык фокус кокусунан эле тандалып калган жок. Бул чечим мамилелелрдин курчушунун түпкүрдөгү себептеринин алдын алуу зарылдыгынан улам, жана ошондой эле, азыркы тапта бар болгон кыйынчылыктарды курчуткучу көйгөйлөрдөн келип чыкты. Ошентип, жаңжалдар, адатта, жер жана суу өңдүү баалуу же жетишсиз ресурстардын тегерегинде пайда болорун аныктадык. Мындан сырткары, долбоор жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ролун жашоо-турмушка зарыл болгон кызматтар менен камсыз кылуучу жана социалдык туруктуулуктун мыйзамдык кепили катары таанууга багытталган.**

**Экономиканы колдоо жана айлана-чөйрөнү коргоо программасы эки долбоорун ишке ашыра баштады: жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин потенциалын жогорулатуу жана Кыргызстандын түштүгүндөгү чек арага жакын райондордогу суу колдонуучулар ассоциациясын колдоо. Бул демилгелер өзгөчө Фергана өрөөнүндөгү райондор үчүн актуалдуу болгон суугат суу жана жер ресурстарын эффективдүү бөлүштүрүүнү камсыздоо өңдүү маселелерди чечүүгө багытталган.**

**Эмне үчүн биз дал ушул жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана СПА менен иштөөнү тандап алдык? Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарына жергиликтүү маанидеги маселелерди, анын ичинде жер жана суу ресурстарын башкаруу маселелерин чечүү кирет. Ал эми СПА бул жер-жерлерде сугат суусун бөлүштүрүү менен иш алып баруучу орган. ЖӨБ жана СПА органдары, көбүнэсе жаңжалдын себеби болгон сууга жеткиликтүүлүк жана жер ресурстары маселелерине байланышкан араздашуулардын алдын алуу боюнча активдүү позицияны алып, тынымсыз негизде иш алып баруусу керек. Бул органдардын ишмердүүлүгүнүн ийгилиги биринчи кезекте алардын ресурстарды башкаруу боюнча өзүнүн түздөн-түз милдетеринин аткаруу сапатына жараша болот. Мына ушул жерден биз билимдин жана тажрыйбанын жетишсиздигине күбө болуп, долбоорду ишке ашырып жаткан өнөктөш уюмдардын жардамы менен муну жөнгө салууну чечтик.**

Бирок мындай кырдаалда да Мамлекеттик каттоо ийкемдүү ыкмаларды таап, айрым ЖӨБ же муниципалитеттер тобу менен каттоо боюнча долбоорлорду ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Анын үстүнө жергиликтүү каттоо органдары жергиликтүү муниципалитеттерге жардам ирээтинде алардын объекттерин толук каттоону эң төмөнкү баа менен ишке ашырганы тууралуу мисалдар бар.

Муниципалитеттер мамлекеттик каттоо боюнча чоң ишти жасашы керек болуп турат. Анткени 30 сынамык айыл өкмөттүн 12си гана жарым-жартылай каттоодон өткөн (4 гана аймак 100 пайыз толук каттоодон өткөн). Үч облустагы 18 сынамык элеттик муниципалитет 342 объектисин толук каттоодон өткөрүшү керек, бул болсо жалпы 572 объекттин 60 пайызын түзөт. Бүгүн бул объекттер "абада асылып" турат. Мыйзам боюнча, айылдык округдун аймагында жайгашкан жана мамлекеттик же жеке менчик деп эсептелбеген объект автоматтык түрдө муниципалдык менчик деп эсептелинет. Бирок юридикалык жагынан алып караганда, бул укук катталган эмес, андыктан сот тарабынан корголбойт жана мындай объекттер дайыма кооптуу абалда турат. Эмне кылыш керек? Албетте эч ким муниципалитеттерден эртең эле социалдык объекттерди тартып албайт, бирок эч ким аларга коргоо тууралуу кепилдик да берген жок. Анын ичинде мамлекет да бербейт. Мамлекет жада калса каалаган учурда өз убагында шаарлар өз менчигине өткөрүүгө жетишпей калган кинотеатрларды тартып алган сыяктуу эле объектти мамлекеттик менчикке өткөрүп алуу тууралуу токтом чыгарып коюушу мүмкүн.

### III тапшырма. Өзүнүн айылдык аймагындагы объекттерди инвентаризациялоо

Максат – муниципалдык менчикте кандай объекттер, канчоо, каерде жана кандай абалда болгонун билүү. Ушул кезге чейин көпчүлүк айылдык аймактар мындай маалыматка ээ эмес. Өзгөчө кароосуз калган имараттар жана курулуштар, анын ичинде турак-жайлар, курулуп бүтө элек объекттер жайгашкан жер участкалары, эркин жаткан жер тилкелери боюнча. Инвентаризация боюнча иштер ошол аймактын жана анын адистеринин карамагындагы иштер, бардык нерсе алардын ишти түшүнүп, ага болгон кызыгуусунан көз каранды, ал эми мүмкүнчүлүктөр дайыма табылат. Анын үстүнө инвентаризация жүргүзүүгө негизинен адамдык ресурстар керек, ал эми бул болсо ар бир муниципалитетте бар. Бул иште чоң каражаттын деле кереги жок. Бул ЖӨБОнун түздөн-түз функционалдык милдети. Инвентаризация жүргүзүлбөгөн, калк маалымдар болгон реестр өтпөгөн жерде коррупция башталат. Бул процесс биринчи кезекте муниципалдык менчиктин чыныгы ээси деп эсептелген жергиликтүү жамаат үчүн абдан зарыл. Азырынча бул тапшырманы 5 гана муниципалитет аткарды: Ош облусунун Көк-Жар, Зулпуев, Дөң-Булак, Мырзаакы айыл аймактары жана Жалал-Абад облусунун Сакалды айылдык аймагы.

Кайсы бир объектти көз жаздымда калтыруу менен муниципалитет ар бир курулуштун жери болгонун унутуп коюп жатканын эстей жүрүү зарыл. Ал эми жер – аймактын негизги ресурсу, аны бюджетти толтуруу үчүн башкарып, андан пайда алыш керек.

# Юридикалык кеңеш

Долбоордун алкагындагы иш-чараларынын катышуучуларынын суроолоруна жогорку категориядагы юрист, муниципалдык менчик тууралуу мыйзамдын авторлорунун бири **Бекболот Бекиев** жооп берет:

**Суроо. Эски мектептин ордуна жаңы мектеп курушту. Эми бош турган бул эски мектепти эмне кылабыз, биз аны сата алабызбы?**

Жооп. КРнын Конституциясына (12-берене), КРнын Жарандык кодексине (222-берене), КРнын "Мүлккө болгон муниципалдык менчик тууралуу" мыйзамга (1-2-беренелер) ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алкагында жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн зарыл болгон муниципалдык менчикти сатып алууга, ээлик кылууга, колдонууга акылуу. "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу" мыйзамдын 11-беренесине ылайык, муниципалдык менчиктеги мүлк сатуу-сатып алуу, менчиктештирүү же алмашуу жолу менен берилсе болот. Муниципалдык менчиктеги мүлк жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу-бөлүштүрүү органынын чечими менен берилет. Муниципалдык менчиктеги мүлктү берүү тартиби жергиликтүү кеңеш тарабынан аныкталат. Ушундан улам эски мектептин имараты КРнын мыйзамына ылайык бериле алат. Бул ЖӨБнун аткаруу органдары тарабынан жергиликтүү кеңеш бекиткен тартипте ишке ашырылат.

**Суроо. Кароосуз калган үйлөр жана башка кыймылсыз мүлк объекттерин эмне кылса болот?**

Жооп. Адегенде ал ээси жок кыймылсыз буюм болгонун так аныктап алуу зарыл. 257-беренеге ылайык, ээсиз буюм деп анын ээси болбогон же дайынсыз болгон, же ээси аны колдонуу укугунан баш тарткан буюм эсептелет. Жарандык кодекске ылайык, ээсиз кыймылсыз буюмду жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тиешелүү органдарынын арызы боюнча кыймылсыз мүлктү мамлекеттик каттоого алган органдар эсепке алат. Ээсиз кыймылсыз буюм деп аныкталган күндөн 3 жыл өткөн соң, муниципалдык мүлктү башкарууга укуктуу орган бул буюмдун муниципалдык менчикке өткөнүн таануу талабы менен сотко кайра алат. Эгерде сот бул буюмду муниципалдык менчикке өткөрүү чечимин кабыл алса, ээсиз кыймылсыз буюм муниципалдык менчикке өтөт.

**Суроо. ЖӨБ органдары Мамлекеттик**


### IV тапшырма. Муниципалдык менчиктеги объекттердин реестрин даярдоо жана анын муниципалитет тургундары үчүн ачык болушун камсыздоо

Бул тапшырманын мааниси – муниципалдык менчик тууралуу маалыматты жарандар үчүн ачык жана айкын кылуу. Анткени муниципалдык менчикке айылдык аймактын бардык тургундары ээлик кылат, андыктан ар ким өз менчиги тууралуу маалыматка алуу укугуна ээ. Элеттик муниципалитеттер ачыктыкты даңазалашты – сынамык аймактардын 76 пайызы, же 23ү реестр даярдап, аны жарандар үчүн ачык кылышты. Мында 17 муниципалитет реестрди кайра түзүп чыкты, 4 айылдык аймак ресстрлердин эски формасын берди, ал эми экөө объекттер боюнча маалымат гана топтошту. Бүгүнкү күндө реестрлердин стандарттык формасы киргизилген, ал 6 бөлүмдөн турат жана объекттер тууралуу бардык маалыматты камтыйт.

### V тапшырма. Айылдык аймактын муниципалдык менчигиндеги объекттерди классификациялоого даярдоо, аларды кеңеште бекитүү

Тапшырманын максаты – объекттерди милдеттүүлүгүнө жараша топтоштуруу – милдеттүү, кошумча жана ашыкча. Бул болсо кийин ар бир топко карата башкаруу саясатын аныктоо үчүн керек. Милдеттүү объекттерди жакшы абалында, өз максатында гана колдонуу, булардын баасын түшүрбөш керек. Кошумча объекттер жамааттын керектөөлөрүнө жараша колдонуу. Ал эми ашыкча объекттерди

**3 диаграмма. Долбоорду ишке ашыруу убагында сынамык айылдык аймактарындагы муниципалдык менчикти башкаруудагы өзгөрүү динамикасы**




жергиликтүү бюджетке кошумча пайда киргизүү үчүн сынактын негизинде сатуу же ижарага берүү. Бул тапшырманы 17 аймак аткара алды, башкача айтканда катышуучулардын 60 пайызы. 3 диаграммада долбоорду ишке ашыруу убакыт мерчеминде муниципалдык менчикти башкаруудагы өзгөрүү динамикасы келтирилген.

### VI тапшырма. Муниципалдык менчиктеги объектке укук берген жергиликтүү нормативдик укуктук актыларды иштеп чыгуу

Бул да ресурстарды ачык жана акыйкат башкаруунун негизги бөлүгү – ачык жана ар бирине маалым болгон эрежелерди иштеп чыгуу менен гана аларды

**каттоого Өкмөттүн актысы менен аларга өткөрүлүп берилген өз объекттерине муниципалдык менчик укугун каттоо арызы менен кайрылганда, каттап жаткан органдар ЖӨБ органдарынан көрсөтүлгөн объекттерди башка ведомстволор алдындагы муниципалдык уюмдарга берүү тууралуу кошумча акт чыгарып берүү талап кылышат. Бул талап жүйөлүүбү?**

Жооп. Белгилей кетчү жагдай, муниципалдык менчик укугун мамлекеттик каттоодон өткөрүү боюнча мындай учур жөнүндө сөз болуп жатканда, аларды муниципалдык менчикке өткөрүү тууралуу Өкмөттүн актысы жетиштүү. Мындай учурларда Өкмөттүн актысы укугун аныктоочу документ деп эсептелет. Мында ЖӨБ органдары кандайдыр бир локалдык актыларды түзбөсө болот. Эгерде ЖӨБ органдары көрсөтүлгөн объекттерди кийин өткөрүп берейин десе, бул объекттерге берилген укуктарды каттоо үчүн ЖӨБ органдарынан көрсөтүлгөн объекттерге укукту өткөрүп берүү/өткөрүү тууралуу акт талап кылынат. Мисалы, мектептин имараты оперативдик башкаруу укугунун негизинде муниципалдык билим берүү мекемесине тиешелүү. Мындай учурда ЖӨБ органдарынын актысынын негизинде пайда болгон мектептин имаратына оперативдүү башкаруу укугу катталыш керек.

**Суроо. Мамлекеттик катоо органдары тарабынан туура эмес түзүлгөн же берилген документтерди оңдоо боюнча чыгымдарды ким көтөрүш керек?**

Жооп. Мамлекеттик каттоо органдары тарабынан туура эмес түзүлгөн же берилген документтерди оңдоо Мамлекеттик каттоо органдарынын эсебинен ишке ашырылышы керек. Алар каталарын оңдоп, ЖӨБ органдарына туура түзүлгөн документтерди бериши керек.

**Урматтуу ЖӨБ органдарынын кызматкерлери, жергиликтүү кеңештердин депутаттары, коомчулуктун өкүлдөрү!**

Эгер сиздерде муниципалдык менчикти башкаруу, жер ресурстарын бөлүштүрүү тууралуу суроолоруңуздар болсо, биз сиздерге жооп табууга жардам беребиз!

**Бизге төмөндөгү даректер боюнча кайрылыңыздар:**

720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Үсөнбаев көч., 44, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
office@dpi.kg,
nadya.dobretsova@gmail.com

акыйкат колдонуу мүмкүн болот. Бул тапшырманы 50 пайыздан ашуун айылдык аймак аткара алды.

Мындай документ болбосо элеттик муниципалитеттер кыймылсыз мүлк объекттерин колдоно албайт – аларды сатып, же ижарага бере албайт. Ошентсе да айылдык аймактар жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилген мындай эрежелердин жана процедуралардын жок болгонуна карабастан бул иштерди аткарып келгени долбоордун алкагында белгилүү болду. Бул болсо муниципалитет жарандарынын укугун бузат жана муниципалдык мүлктү жана жерди колдонууда коррупциянын өнүгүшүнө алып келет.

Оң үлгү – Жалал-Абад облусунун Мады айылдык аймагында акыркы бир нече жыл ичинде 30га жакын жер аукциондору өткөн. Мында бул аймактын жергиликтүү бюджетине муниципалдык жерлерди сатуудан олуттуу киреше түшкөн. Жер сатуу иш-чарасы учурунда анын айкындуулугун, таза өтүүсүн камсыздоодо жергиликтүү кеңештин ролу өтө чоң. Ошондой эле Көк-Жар айылдык аймагы 2009-жылдан 2011-жылга чейин муниципалдык жерлерге ачык аукцион өткөрүп, 703 400 сом өлчөмүндө киреше тапкан:

Муниципалитеттерге тапшырма берилип жатканда бир нерсе эске алынды: бир тапшырманы бүтө элек жатып, кийинкиге өтүү мүмкүн эмес болчу. Башкача айтканда ар бир аракет логикалык түрдө мурдагы аракеттен көз каранды болчу. Долбоордун башында көпчүлүк аймактар өз карамагындагы менчик, анын мүнөзү тууралуу элес-булас билчү. Долбоордун аягында алар бул тууралуу толук маалыматка ээ болду. Бул көптөр үчүн кыйынга турду: өз мүлкүн ирэтке келтирүү, эсеп жана инвентаризация иштерин аягына чыгаруу, объекттер боюнча акыркы маалыматты алуу, Мамлекеттик каттоо менен тыгыз иштешип, ар бир объектке укук берген жана укугун аныктаган документ алуу. Бул иштерди аткарып бүткөндөн кийин бардык 30 айылдык аймакта объекттердин саны өсөөрүнөн күмөн санабайбыз. Мисалы, Жалал-Абад облусуна караштуу Ноокен айылдык аймагында Мамлекеттик кызмат менен маалымат такташылып бүткөндөн кийин объекттердин саны көбөйгөн: эгерде башында 29 болсо, кийин 120 болгон.

Документация сапаттуу даярдалган, тапшырмалар өз убагында аткарылып турган, эң жемиштүү сынамык айылдык аймактарды да белгилей кетүү зарыл. Долбоордун чемпиондору Ош облусуна караштуу Ноокат районунун Көк-Жар айыл өкмөтү жана Ош облусуна караштуу Араван районунун Коргон айыл өкмөтү болду.

**Гуляим Шамшидинова,**
муниципалдык менчик боюнча ӨСИ эксперти

2011-жылдын октябрында Жалал-Абад, Баткен жана Ош облустарындагы 28 айылдык аймактын адистери тажрыйба алмашуу максатында Ош облусуна караштуу Ноокат районундагы Көк-Жар айылдык аймагына окуу сапары менен барып келишти.

Сапарга ЖӨБУА, ЕККУ, Мамлекеттик кызматтын өкүлдөрү жана Көк-Жар айылдык аймактын адистери катышып, өз иштери жана жетишкендиктери тууралуу гана айтпастан, аларга келген катышуучулардан да көп нерсени билишти. Сапар Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык уюмунун (ЕККУ) каржылоосу менен Өнүктүрүү саясат институтунун "Ресурстарды эффективдүү башкаруунун эсебинен жаңжалдардын потенциалын азайтуу максатында Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын потенциалын жогорулатуу" долбоорунун алкагында ишке ашты.

Эмне үчүн Көк-Жар айылдык аймагы тандалып алынды? Анткени Көк-Жар айылдык аймагы долбоорго катышкан башка 30 сынамык айылдык аймактар менен шарттары бирдей болгонуна карабастан "Муниципалдык менчикти башкаруу" темасы боюнча бардык "үй тапшырмаларды" аткарууда эң мыкты көрсөткүчтөргө ээ болду. Катышуучулар Көк-Жаргa биринчи жолу келди, ошол эле учурда айыл өкмөтү да биринчи жолу өз аймагында ушундай көп сандагы конок-кесиптештерин тосуп, өз тапшырмасын мыкты аткарды.

Көк-Жар айылдык аймагында 6 айыл болгонуна карабастан, райондук борбордон 25 чакырым, облустук борбордон 65 чакырым алыстыкта болсо да анын жетишкендиктери райондук борбордун же кичи шаарлардын деңгээлине туура келет. Бул муниципалдык менчиктеги айрым объекттерге, мисалы, бала бакча, мектеп, музыкалык мектеп, клуб, спорт клубу өңдүү объекттерге барганда маалым болду. Бул объекттер жада калса шаардыкынан артта калбай, жергиликтүү тургундардын бактылуу жүздөрү бул аймакта өнүгүү жана жакшы шарттар түзүлгөнүнөн кабар берип турду.

Айылдык аймактын бюджети 5 миллион сомду түзөт. Мында республикалык бюджеттен алынган гранттардын үлүшү 79 пайызга жетет. Ошол эле учурда делегациянын курамында өз бюджети Көк-Жар айылдык аймактын бюджетинен 2-3 эсе көп болгон айыл өкмөттөрүнүн өкүлдөрү да жүргөн. Бирок бюджеттин жана кирешенин потенциалы айылды өнүктүрүүдө дайыма эле чечүүчү фактор болбой турганына сапардын катышуучулары ынанды. Эң негизгиси бул – адамдардын энергиясы, өз жашоосун өзгөртүүгө каалоосу, биримдикте иш алып баруусу, командалык иш жана айылдык аймактын башчысы Байдөөлөт Сатыбалдиевдин күчтүү, сабаттуу башкаруусу.

Айылдык округ өнөр жай борборлорунан алыста жайгашкан, муниципалитеттин олуттуу ресурстары жок, бирок буга карабастан айылдын бюджети салыктардын гана эсебинен эмес, ошондой эле муниципалдык менчиктеги объекттерди ачык аукциондо сатуу жана ижарага берүү өңдүү салыксыз кошумча кирешелердин эсебинен да толукталып турат. Мисалы, акыркы 3 жылда муниципалдык жер тилкелерин сатуунун көлөмү 706 100 сом болгон. Эгерде муниципалитеттин мүлкүн туура пайдаланбаганда бул киреше болбойт эле. Жалпысынан Көк-Жар айылдык аймагында муниципалдык менчиктеги 36 объект бар, алардын отузу толук мамлекеттик каттоодон өткөн. Ушул долбоордун алкагында айылдык аймак өз алдына коюлган бардык тапшырмаларды аткарып, практика жүзүндө бул иш-чарадагы жетишкендиктерин жана жыйынтыктарын көрсөтө алды.

Сапардын катышуучулары айылдык аймактын калк үчүн негизги маалыматтардан тышкары долбоорду ишке ашыруу боюнча атайын доска орнотулган маа-

# Айылдык аймактар бири-бирин муниципалдык менчикти башкарууга үйрөтүп жатышат



лымат такчалары менен тааныша алышты. Доскада муниципалдык менчиктеги объекттердин реестри, жергиликтүү кеңештин менчикти башкаруу боюнча документтердин пакети жана түрдүү токтомдору, объекттердин классификациясы, салыштырмалуу анализдин жыйынтыктары, нормативдик укуктук документтер илинген. Андан тышкары катышуучулар айыл өкмөтүнүн бардык бөлүмдөрүндө болушту. Каржы бөлүмүндө катышуучуларга аймактын киреше жана чыгашалары; жергиликтүү бюджетти толтуруу ыкмалары, чыгашаларды кантип үнөмдөсө болоору тууралуу айтып беришти. Катышуучулардын көңүлүн "Беркут" маалымат базасы бурду, анын жардамы менен бир күндө 50 справка берилет.

Жер башкаруучулар кабинетинин дубалдарында түрдүү карталар илинип турганы таң калтырды. Бул карталар муниципалдык жана жерке менчик жерлер, Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун (ФПС) жерлери жана жайыттары тууралуу, ошондой эле айылдын башкы планы да бар экен. Себеби башкы план – бул өтө кымбат документ. Айылдык айымактын башкы планын түзүү үчүн 300 миңден 700 миң сомго чейин акча төлөш керек.

Жергиликтүү кеңештин төрагасы жана анын орун басары катышуучуларга кеңеш менен айыл өкмөтүнүн тыгыз кызматташтыгы тууралуу айтып беришти. Көпчүлүк катышуучулар кеңеш менен аткаруу органынын биргелешкен иши сөзсүз оң натыйжа алып келеерине ынанышты.

Мындан тышкары Бүкалча Маматалиева башында турган айылдык бейөкмөт уюмдун АА имаратынын ичиндеги кеңири бөлмөсү жагымдуу элес калтырды. Мындай адамдар тууралуу "дүйнөнү ушулар кармап турат" деп айтышат. Бүкалча эже айылда орун алган бардык окуяларга активдүү гана катышпастан (Бүкалча – айылдык аймактын маданият боюнча кызматкери да, "Айыл келечеги" аялдар кеңешинин төрайымы да, "Үй-бүлө жана аял" комиссиясынын төрайымы да, демократ лидерлер клубунун башчысы да болуп эмгектенет), ошондой эле ынтымак жана тынчтыкты колдоого багытталган өз долбоорлорун ишке ашырып келет. Мисалга "Тынчтыкты каалайт бүт калкым" аттуу долбоорду айтса болот.

Ошондой эле сапардын алкагында муниципалдык менчикти башкаруу тармагында жакшы натыйжаларды көрсөтө алган Тепе-Коргон, Майдан жана Үч-Коргон айылдык аймактарынын өкүлдөрү да өз тажрыйбасы менен бөлүштү. Ишчаранын жыйынтыгын катышуучулардын пикирлери менен чыгарса болот: «Мен ЖӨБ органдарында 30 жылдан ашык иштейм, бирок бул өңдүү иш-чарага биринчи жолу катышып отурам. **Биз өзүбүз жана коңшулаш аймактар тууралуу абдан аз биле тургандыгымды бүгүн түшүнүп, көптөгөн ачылыштарды жасап отурам»; «Айыл – бул биздин жашообуздагы эң маанилүү нерсе, биз бардыгыбыз тең ошол жактанбыз, биздин жаныбыз ошол жакка умтулат. Айылды өнүктүрүп, жогорудан буйрукту же жардамды күтпөстөн эле, жер-жерлерде өзүбүз бул багытта иш алып бара беришибиз керек экен»**.

Иш сапарды уюштурган, өткөргөн, сүрөттөрдү тарткан жана жазган **Гуляим Шамшидинова,**
муниципалдык менчик боюнча ӨСИ эксперти





# Мамкаттоо менен ачык баарлашуу



**Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 50гө жакын өкүлдөрүнүн Көк-Жар айылдык аймагына тажрыйба алмашуу боюнча сапарынын алкагында бир топ кызыктуу жолугушуулар, курч талаштар, жемиштүү талкуулар болду. Ноокат районунун МРО жетекчиси Түгөлбай Мырзаев менен ачык баарлашуу катышуучуларга чоң пайда алып келди. Мырзаев мамлекеттик каттоонун айылдык аймактар менен тыгыз кызматташтыгы жөнүндө кеңири айтып берип, бардык суроолорго жооп берди. Суроолор жана жооптордун мүнөзү талкуунун гана катышуучуларына эмес, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башка өкүлдөрүнө да кызык болот.**

**Суроо. Мамлекеттик кызматтан маалымат алууда жана материалдарды көчүрүүдө атайын белгиленген баалар барбы?**

Жооп. Тарифке ылайык 79 сом төлөнөт, плюс кошумча нарк салыгы (КНС); А4 форматындагы материалды көчүрүү - 15,43 сом, КНС менен кошкондо жана ар бир кийинки баракка кошумча 1 сомдон кошулат; эгерде А3 форматында болсо, анда бир көчүрмөсү 17,34 сом, плюс КНС, кийинки копиялары 2 сомдон, плюс КНС.

**Суроо. Мамлекеттик актыларды такыр эле албай койсо болобу?**

Жооп. Мамлекеттик актыларды мыйзамдуу ээси болуу үчүн сөзсүз алуу керек. Себеби бүгүнкү күндө бул документ укугун тастыктаган жалгыз документ болуп эсептелет. Мисалы, мектеп администрациясынын атынан алардын аймагынан коммерциялык объекттерди алып таштоо тууралуу өтүнүчтөр көп түшө баштады. Эгерде Мамлекеттик акт жок болсо, каалаган адам бул жерлерди ээлей алат жана ошол аймакта соодагерлик менен алектене алат. Мамактылар анын ээсин басып алуудан сактап, муниципалдык менчикке болгон ээликти тастыктаган негизги документ болуп эсептелет.

**Суроо. Бир Мамакт канча турат?**

Жооп. Бардыгы объектке жана анын көлөмүнө жараша болот. Иш көлөмү эсептелген атайын тарифтик торчо бар. Андыктан объекттерге баалар ар кандай болот. Бирок, мисалы, Көк-Жар айылдык аймагы боюнча бир объекттин орточо баасы үчүн Мамлекеттик акт болжол менен 5-6 миң сом болду. Юридикалык тараптар үчүн укукка болгон толук каттоо, кыймылсыз мүлк менчигин аныктоо 643 сом болот (плюс НДС) (башкача айтканда бул укукту каттоого гана), ал эми Мамлекеттик акт мындан кымбат турат, анткени жер аныктоо иштерин талап кылат.

**Суроо. Алдын ала каттоонун негизинде Мамлекеттик актты алууга болобу?**

Жооп. Алдын ала каттоонун негизинде Мамлекеттик актты алууга болбойт. Бул үчүн укукту аныктай турган документтердин жетишпей жаткан бөлүктөрүн чогултуу керек: өкмөттүн токтому, соттун чечими, же сатуу-сатып алуу тууралуу келишим.

**Суроо. Чарбалык эсептеги уюм болгондон кийин силер бааларды өз алдыңарча белгилеп, айыл өкмөттөрүнө жеңилдиктерди бере аласыздарбы?**

Жооп. Бардык бааларды биз Монополияга каршы комитет менен макулдашабыз жана бардык маалыматтар маалымат такчаларында илинип турат. Албетте айрым нерселерди өз алдыбызча белгилей алабыз, бирок мыйзам алкагында.

**Суроо. Араванда бир объекттин мамлекеттик каттоосу 15 200 сом турса, Көк-Жарда 5 миң сом экен. Мындай айырма кайдан чыкты?**

Жооп. Тарифтерге коэффициент белгиленет, мындан тышкары баалар объекттин көлөмүнө, иштин өлчөмүнө да көз каранды болот. Балким сиз өтө чоң объекттин мисалында айтып жатасыз.

**Суроо. Көпчүлүк райондук объекттерди каттоо бөлүмдөрүндө муниципалдык менчиктеги объекттердин каттоо картасынын көчүрмөсүн беришпейт. Бул жашыруун маалыматпы?**

Жооп. Жашыруун эмес, биз мындай маалыматты берүүгө милдеттүүбүз, бирок буга акча төлөнүшү керек. Жашыруун объекттер бар, бирок ал мамлекеттик менчиктегилер.



# Суу ресурстарын башкаруу

Айылдарды өнүктүрүү фонду (Rural Development Fund, мындан ары – АӨФ) «Ресурстарды эффективдүү башкаруунун эсебинен Баткен, Жалал-Абад, Ош облустарында жаңжал потенциалын азайтуу максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын дараметин күчөтүү» долбоорунун алкагында адата локалдык жаңжалдын алгачкы себеби болгон суу ресурстарын башкарууну жакшыртуу үчүн жооптуу болгон. АӨФнун негизги ишмердүүлүгү – Суу пайдалануучулар ассоциациясынын (мындан ары – СПА) ЖӨБ органдары менен бирге иштешүүнүн натыйжасында ийгилик факторун чыгаруу жана изилдөө жана Кыргыз Республикасынын Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарындагы 120 айылдык округдун арасында ЖӨБ органдары менен СПАнын суу ресурстарын башкаруу боюнча жакшы практикасын жайылтуу.

## Суу ресурстарын башкаруу практикасы жана Суу пайдалануучулардын ассоциациясынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен бирге иш алып баруусу

Долбоордун бул бөлүгүн ишке ашырууга суу ресурстарын башкаруу боюнча эксперттер менен жолугушуулар жана алар менен жүргүзүлгөн аналитикалык иш түрткү болгон. Анын натыйжасында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Суу чарбалыгы жана мелиорация боюнча мамлекеттик комитет менен бирге долбоордун командасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад, Ош жана Баткен облустарындагы бүгүнкү күндөгү ийгиликтүү 10 СКА тандалып алынган. Долбоор төмөнкү суу колдонуучулар ассоциациясы менен ишин баштады:

1) Ала-Бука районундагы Ала-Бука айылдык аймагынын "Сары-Талаа-Суу" СПАсы;
2) Ноокен районундагы Арал айылдык аймагындагы "Арал-Сай" СПАсы;
3) Базар-Коргон районундагы Кеңеш айылдык аймагындагы "Кеңеш-Суу" СПАсы;
4) Ноокен районундагы Арал айылдык аймагындагы "Арал-Сай" СПАсы;
5) Кара-Суу районундагы Отуз-Адыр айылдык аймагындагы "Маз-Айкал" СПАсы;
6) Кара-Суу районундагы Шарк айылдык аймагындагы "Шарк-Увам" СПАсы;
7) Араван районундагы Араван айылдык аймагындагы "Обу-Хает" СПАсы;
8) Өзгөн районундагы Кароол айылдык аймагындагы "Кароол-Достук" СПАсы;
9) Баткен районундагы Дарын айылдык аймагындагы "Зарделек-Баткен" СПАсы;
10) Кадамжай районундагы Майдан айылдык аймагындагы "Иса-Марийям" СКАсы.

Тандалып алынган СПАны изилдөө алардын баары ирригациялык системалар ошолордун аймагында жайгашкан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен тыгыз кызматташаарын көрсөттү. Биргелешип иштешүүнүн негизги элементтери төмөнкүлөр:

- Айылдык аймактар (мындан ары – АА) кошумча киреше булагына ээ болуу үчүн жергиликтүү СПАга бош жерлерди бөлүп берет;
- АА аймактагы ирригациялык системага байланыштуу маселелерди (каналдарды тазалоо, арыктарды казуу, суу бөлүштүрүүчүлөрдү орнотуу ж.б.) чечүү үчүн каражат бөлүп берет же атайын техника берет;
- Көпчүлүк АА СПАнын кеңсеси үчүн жай берген;
- АА өкүлдөрү СПА, СПАны колдоо боюнча рай-

ондук бөлүм менен жергиликтүү ирригациялык системанын маселелерин чечүүгө катышат;
- Жергиликтүү тургундар справка алуу үчүн кайрылганда АА алардан СПА алдындагы карызын төлөп берүүнү талап кылат жана ошондон кийин гана справка берет;
- АА жетекчилиги жана өкүлдөрү жергиликтүү тургундардын суу бөлүштүрүүсүнө жана суугат сууну колдонуусуна байланышкан жыйындарга, айылдык чогулуштарга активдүү катышат;
- АА өкүлдөрү, айыл башчылары суугат суу үчүн өз убагында акча төлөө жана аны үнөмдүү пайдалануу тууралуу жергиликтүү калкты маалымдоого жардам берет;
- АА өкүлдөрү суу колдонуучулардын, ошондой эле коңшу СПА, же АА өкүлдөрү ортосунда суугат сууга байланыштуу чыккан талаштарды жөнгө салууга катышат;
- СПА жетекчилиги жана өкүлдөрү айылдык кеңештердин жер жана сууну колдонууга байланыштуу маселелерди караган сессияларына катышат;
- Сууга маалында АА өкүлдөрү СПА өкүлдөрүнө калкты мобилизациялоо иштерине көмөктөшүп, нөөмөткө чыгууда жардам берет;
- Базар-Коргон районундагы Кеңеш айылдык аймагынын оң тажрыйбасын белгилей кетүү зарыл. Бул АА СПАнын балансына атайын техниканы которгон: бир экСПАватор жана Т-150 үлгүсүндөгү бир трактор. Бул СПАнын ишин бир кыйла жеңилдеткен. Бул маселе айылдык кеңештин сессиясында каралып, СПАнын балансына техниканы өткөрүп берүү тууралуу тиешелүү чечим кабыл алынган..

Изилденген СПАлар башкаларга салыштырмалуу ийгиликтүү ишин жүргүзөт жана өз балансында офис, оргтехника, атайын техникасы бар. Бул болсо аларга жергиликтүү калкка тиешелүү деңгээлде кызмат көрсөтүүгө көмөктөшөт. Мындан тышкары аларда бир жылга, кээ биринде беш жылга келечектүү пландары бар. Зарыл болгондо бири-бирине жакын жайгашкан СПАлар өз ара тажрыйба алмашып турушат.

### Эмне жасалды?

Долбоордун алкагында жаңжал потенциалын төмөндөтүү үчүн суу ресурстарын башкарууну жакшыртуу максатында СПАга окутуу өткөрүү пландалган. Окуу модулун жана тренингде колдонула турган материалды иштеп чыгуу үчүн буга СПАда иштөө боюнча чоң тажрыйбага ээ эксперт Эркинбек Кожоев тартылган. Ал СПАнын ишмердүүлүгүн тескеген нормативдик укуктук актыларды иштеп чыгууга катышкан; узак жылдар аралыгында суу чарба структурасында иштеп келатат. Ал иштеп чыккан окуу модулу СПАнын түзүлгөн тарыхын, башкаруу элементтерин , ЖӨБО менен СПАнын биргелешип иштөө принциптерин жана механизмдерин, андан тышкары суу ресурстарын жана СПА деңгээлинде ирригациялык системаларды башкаруу планын камтыган. Иштелип чыккан модулдун базасында 30 сынамык аймактан тандалган тренер-менторлор (ТМ) үчүн тренинг өттү.

Тренингдин программасына ылайык, эң башында катышуучулардын СПА тууралуу маалыматын жана билимин аныктоо үчүн тестирлөө өттү. Тест 25 суроодон турган. Тестирлөө айылдык аймактардын жана СПАнын өкүлдөрү СПАнын ишин жакшы түшүнөөрүн көрсөткөн. Жада калса тренингдин алкагында сунушталган «СПАны өнүктүрүүдө көйгөйлөр» аттуу тема көп суроолорду жаратып, төмөнкү учур-





лар тууралуу талкууларга жем таштады:

- ирригациялык кызматтар үчүн акы чогултуу (мындан ары – ИКА);
- ИКА үчүн тариф бекитүү;
- ирригациялык жана дренаждык системаны тазалоо;
- СПАдагы кадр саясаты;
- суу колдонуучулар тарабынан суунун үнөмдүү пайдаланылбаганы;
- райондук суу чарбачылыгы тарабынан суу жеткирүү боюнча кызматтын сапаты.

Семинардын башкы суроолорунун бири ЖӨБО менен СПАнын биргелешип иштешүүсүнүн принциптери жана механизмдери болуп калды. Тренингдин катышуучулары ЖӨБОнун өкүлдөрү СПАнын потенциалын өнүктүрүүдө анын өнөктөшү болушу керек деген бирдиктүү пикирге келишти.

Талкуунун жүрүшүндө ЖӨБО менен СПАнын биргелешип иштешүүсүнүн төмөнкү элементтери айтылды:

- ИКАны жыйноодо жана чарбалык-келишимдик өнөктүктө көмөктөшүү;
- жеринде ирригациялык системаны өнүктүрүү үчүн инвестиция тартуу максатында бизнес-планды биргелешип түзүү жана пландоо;
- айылдык округдун бюджетин кароодо ижара үчүн түшкөн акынын эсебинен ирригациялык системаны өнүктүрүүгө каражат бөлүүнү караштыруу;
- ирригациялык система, суу колдонууга байланышкан суроолорго арналган массалык иш-чараларды өткөрүүдө СПАга көмөктөшүү;
- ЖӨБОнун ирригациялык системаны инвентаризациядан өткөрүү жана Мамлекеттик каттоо органдарында ирригациялык фондду каттоого, Мамлекеттик актыны алуу иштерине катышуу.
- жаш кадрлардын республиканын окуу жайларда билим алуусуна жана квалификациясын жогорулатууна каржылык жардам көрсөтүү;
- бирдиктүү техникалык базаны (жер казуу жана башка техника) түзүү.

Тренинг тажрыйба алмашуу, биргелешип маселенин өзөгүн табу жана аны чечүүнүн жолдорун издөөдө жакшы аянтча болуп берди. Тренингдин жыйынтыгы боюнча менторлорго үй тапшырмалары берилген. Аны менторлор коңшу айылдык округдарда тренинг башталганга чейин бүтүрүшү керек болчу. Бирок, тилекке каршы, 13 гана ментордук айылдык округдардын өкүлдөрү өз убагында үй тапшырмасын аткарышкан.

Августтан сентябрга чейинки аралыкта кошуна айылдык округдарда 72 ментордук тренинг өткөн: Жалал-Абад облусу боюнча 30, Ош облусу боюнча 25 жана Баткен облусу боюнча 17 тренинг. Айрым айылдык округдарда тренингди өткөрүүгө эки тренер тең (ЖӨБО жана СПА өкүлдөрү) катышкан жана бири-бирине жардам берген.

Долбоордун адистери кошуна айылдык округдарда тренингдерди өткөрүү жана үй тапшырмаларын аткаруу боюнча кеңештерин берип турушкан. Жергиликтүү фасилитаторлор жана институционалдык өнүгүү боюнча тренерлер консультацияларды жеринде өткөрүп турса, долбоордун координаторлору, адистер жана долбоордун ассистенттери көчмө консультацияларды жүргүзүп, мындан тышкары менторлорго телефон аркылуу кеңеш берип турушкан. ошондой эле долбоордун командасы көчмө консультациялар учурунда кошумча маалыматты – ментордук айыл округдарынын профайлдарын чогултуп келишкен.

Консультация өткөрүү учурунда СПА түйүнүн түзүү тууралуу сунуш айтылды. Бул идеяны ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү колдоду. Башталгыч баскычында түйүндү эл аралык долбоорлордун алкагындагы гранттык жардамдын эсебинен колдоону уюштуруу, ал эми түйүндүн ишинин туруктуу механизмдери түзүлгөндөн кийин аны СПА жана ЖӨБОнун эсебине өткөрүп берүү болжолдонууда. Бул фонддун каражаттары бири-бирине барып туруу жана практикалык окутуулар үчүн колдонулса болот.

## Муниципалитеттер аралык кызматташтык

Микрогранттар боюнча кыска мөөнөттүү адис Карыпбай уулу Эрлан тарабынан "Муниципалдар аралык кызматташуу боюнча компонентти ишке киргизүү боюнча концепция" иштелип чыкты. Ал бардык өнөктөш уюмдар тарабынан бекитилген.

"Суу ресурстарын башкаруу" багыты боюнча үч микродолбоордук сунуш түшкөн. 2011-жылдын 25-июлунда курамына ЕККУнун жана өнөктөш уюмдардын өкүлдөрү кирген гранттык комитет тарабынан гранттык арыздарды тандоонун жыйынтыгында Найман жана Көк-Жар айылдык аймактары үчүн суу бөлүштүрүүчү система куруу тууралуу микродолбоордук сунуш тандалып алынган. Микродолбоорду ишке киргизүү 9-сентябрда башталып, планга ылайык 9-октябрда бүткөн. Техникалык көзөмөл боюнча адис жана долбоордун координатору курулуш иштерине үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзсө, каражат маселелери боюнча адис каржылык отчет боюнча кеңеш берип турган. Объекттин курулушу аяктаар замат бардык процедураларга ылайык айыл-

дык округдун балансына өткөрүлүп берилген. Объекттин ачылышына эки айылдык округдун өкүлдөрү катышып, бул суу бөлүштүрүүчү системанын курулушу сууну зарыл болгон өлчөмдө алууга көмөктөшүп, буга чейин болуп келген жанжалдардын саны азайтарын белгилешти.

Муниципалдык кызматташтык боюнча компоненттерди ишке ашырууда Көк-Жар жана Найман айылдык округдарынын башчылары долбоордун алкагында курулган суу бөлүштүрүүчү система жайгаштырыла турган арыкты тазалоо үчүн кошумча каражат бөлүп берүү тууралуу чечим кабыл алышкан. Мындан тышкары эки айылдык округдун тең жергиликтүү тургундары арыкты тазалоо иштерине катышкан. Эки ЖӨБОнун материалдык салымы 26 600 сомду, жергиликтүү жамааттыкы 3 200 сомду түздү.

**Корутунду**

«Ресурстарды эффективдүү башкаруунун эсебинен Баткен, Жалал-Абад, Ош облустарында жаңжал потенциалын азайтуу максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын дараметин күчөтүү» долбоорунун бул бөлүгүнүн негизги корутундусу төмөнкүдөй: суу ресурстары потенциалдык түрдө ар кайсы тараптардын жаңжалына себепкер болгону менен, аларды сапаттуу, айкын жана акыйкат башкаруу менен жаңжалдын потенциалын азайтса болот. Ошентсе да бул үчүн СПА жана ирригациялык системалар анын аймагында жайгашкан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ошондой эле түрдүү муниципалитеттердин




Долбоордун өнөктөшү болгон "Эл аралык толеранттуулук" Коомдук фонд "Жаңжал дараметин азайтуу" багыты үчүн жооп берген.

Тандалып алынган айылдык аймактардын потенциалдуу менторлору үчүн 2 тренинг өткөрүлгөн. Максат – жаңжалдарды анализдөө жана чечүүдө ЖӨБ кызматкерлеринин потенциалын жогорулатуу. Менторлорго жаңжалды анализдөө жана жаңжалга арачы болуу жолдорунун инструментин колдонуу, мындан тышкары Тынчтык жана Жаңжалдын негизги түшүнүгү айтылып, аймактагы негизги проблемаларды аныктоо жана аларды чечүү боюнча иш планын түзүү боюнча билим берилди.

Тренингдин жыйынтыгы боюнча анын катышуучулары – АА өкүлдөрү, жергиликтүү лидерлер, аялдардын, жаштардын, аксакалдардын өкүлдөрү жаңжалдарды жеринде алдын алуу жана чечүү боюнча өз потенциалын жогорулатуу жана бул багытта билим алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Катышуучулар жаңжалга алып келе турган өз айылдык аймагындагы айрым проблемаларды аныктап чыгышты. Негизинен ментордук жана анын "шефтиги" алдындагы айылдык аймактарда бардык проблемалар ичүүчү жана суугат суу, жер маселелерине байланыштуу болду.

Тренингдин жүрүшүндө аныкталган ар бир маселеге ага кийлигишүүнүн планы иштелүүдө. Мисалы, Өзгөн районундагы Мырзаке жана Ак-Жар АА ортосунда суу бөлүштүрүү долбоору ишке ашырылып жатат. Ошондой эле 22-сентябрда Тепе-Курган жана Нурабад АА ортосуда "Достук көпүрөсүн" өткөрүү тууралуу Тепе-Курган айылдык аймагынын демилгеси колдоого алынды. Бул долбоорлордун ар бири ишенимди калыбына келтирүү, түрдүү улуттар ортосунда достукту бекемдөөгө багытталган.

# Жерди кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин башкаруу: укук жана жер тууралуу тең укук тең укуктуугa

"Айыл чарбалык багыттагы жерлерди башкаруу боюнча Кыргыз Республикасынын Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу потенциалын жогорулатуу" долбоорунун жүрүшүндө айыл өкмөт өкүлдөрүн окутууда жана алардын өз ара тажрыйба алмашуусунда "тең укуктуу – тең укуктууга" методикасы биринчи жолу колдонулду. Белгилүү болгондой, айылдарда кайсы бир ишти алып баруу салтында окшош система колдонулган – өнөрчүлүк атадан балага, муундан муунга берилип турган. Бирок заманбап укуктук билим менен бекемделбеген мамилелер дыйкандарга да, ЖӨБ органдарына да өнүгүүгө тоскоол болуп келген. 2011-жылдын апрель айында "Укук жана бизнести өнүктүрүү фонду" коомдук бирикмеси түштүк аймагында программа киргизди. Ага ылайык, айыл чарба багытындагы жерлерди эффективдүү башкаруу боюнча билим жана тажрыйбаны өткөрү берүүнү караштырган "тең укуктуу – тең укутууга" принциби колдонулган. Долбоор Кыргызстандын түштүгүндөгү үч облустагы бир нече аймактарды камтыды. Программа жана долбоор тууралуу "Айыл чарбалык багыттагы жерлерди башкаруу боюнча Кыргыз Республикасынын Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу потенциалын жогорулатуу" долбоорунун менеджери Венера Болтобаева айтып берет.


**- Венера Мурзаевна, "Укук жана бизнести өнүктүрүү фонду" Коомдук фонду "Айыл чарбалык багыттагы жерлерди башкаруу боюнча Кыргыз Республикасынын Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу потенциалын жогорулатуу" долбоорун ишке киргизди. Анын жыйынтыгы кандай? Кандай максатты көздөйт?**

- Долбоор жергиликтүү бюджетке түшкөн каражаттын көлөмүн көбөйтүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндө айылдык аймактардын өкүлдөрүнүн потенциалын күчөтүү жолу менен айыл чарба багытындагы жерлерди (Жерди кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин жана жайыттарын) башкарууда ачыктыкты жана отчеттуулукту жогорулатуу максатын көздөйт.

- Долбоордун аталышы айтып тургандай, аны силер республиканын түштүгүндө гана ишке ашырган экенсиңер. Эмне үчүн мындай чечим кабыл алынды?

- Республиканын түштүгүндөгү үч облусту тандап алуу бул долбоордун алкагында ишке ашырылган ишмердүүлүктүн багытына түздөн-түз көз каранды болду. Бул жерден белгилей кетүү керек, биздин донор, ЕККУ, бул облустарда долбоордун башка багыттарын да каржылайт. Булар: жаңжалдарды алдын алуу, муниципалдык менчикти башкаруу, суу колдонуучулар ассоциациясы (СКА) менен кызматташуу, алардын потенциалын жогорулатуу, андан тышкары коммуналдык кызматтарды көрсөтүү. Долбоордун республиканын үч облусунда ишке ашырылып жатышы түштүктө Мамлекеттик фонддун жерлеринен жер тилкелерин ижарага алууну каалаган жарандардын көп болгонуна байланыштуу. Ал эми бул региондо айыл чарба продукциясын чыгарууга жараган жер аянттары өтө аз болгон үчүн жаңжалдар чыгышы ыктымал. Мунун себептери көп – жарандардын жер үлүшү өзгөчө республиканын түндүк бөлүгүндөгү жарандарга салыштырмалуу чоң эмес, суугат суу таңсыктыгы да жогору. Ушундан улам жер, суу жана башка ресурстарды бөлүштүрүүдө жаңжал ыктымалдуулугу жогорулайт. Ал эми ЕККУнун мандаты – коопсуздук жана кызматташтык.

Ошентсе да тандалып алынган облустар бирибиринен айырмаланат. Биринчи кезекте бул жакта эмнени өстүрүүгө артыкчылык берилери маанилүү. Ми-



**Долбоорду ишке ашырууда "Укук жана бизнести өнүктүрүү фонду" Коомдук фонду менторлор арасында тажрыйба алмашуу боюнча сапарларды уюштуруп турган. Ушундай сапарлардын ар бири өз программасын камтыган. Жоош жана Базар-Коргон айылдык аймактарында аукцион жана жер тилкелерин ижарага берүү боюнча сынак өттү. Карабак айылдык аймагында (сүрөттө) айылдык кеңештин ачык жыйыны өттү, анда айыл чарба багытындагы жерлерди курулуш үчүн өткөрүп берүү тууралуу маселе каралды. Кайсы бир учурда укмуштуудай болгон 67 гектар бак бүгүн чоң, бош жерге айланды.**



**ЕККУнун Бишкектеги борборунун координатору Зейнеп Исакова компьютердик жабдууларды өткөрүп берүү учурунда менторлорду инструкциядан өткөрүүдө. Ар бир комплектте компьютер, принтер жана үзгүлтүксүз ток булагы бар. Ар бир комплектке ЕККУ "Токтом" маалымат-укуктук системасына жазылууну да кошкон. Жыл ичинде менторлор компьютердик программаларды өздөштүрүп, "Токтом" маалымат-укуктук системасын колдонууну үйрөнүшү керек.**

салы, Баткен облусунда өрүк, Жалал-Абад жана Ошто пахта ж.б. Албетте жарандарда жана өз алдынча башкаруу органдарында айыл чарба жерлерин иштетүүнүн түрлөрүнө байланыштуу да пайда болгон маселелердин мүнөзүндө айырмачылык бар. Баткен облусунда көп жылдык өсүмдүктөр үчүн жерлер талап кылынат. Мында айыл өкмөтүндө жерлерди трансформациялоо (жерлердин жогору жана баалуу категориядан андан төмөнкүгө өтүүсү, же тескерисинче – автор.) боюнча маселелер чыгат. Жалал-Абад облусунда дан жана пахта өндүрүү үчүн суугат жерлер көп талап кылынат. Айыл өкмөтүнүн проблемалары Айыл чарба жерлерин бөлүштүү фондунун жерлерин ижарага алуу үчүн жер салыгын, ижара үчүн карыз акчаны чогултууга байланыштуу.

**- Сиздин сөзүңүзгө караганда, Мамлекеттик фонддун жерлерин башкаруу маселелери бул жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жалпы көйгөйлөрүнүн бир бөлүгү гана болсо керек. Бардык темаларды бир гана уюм, “Укук жана жана бизнести өнүктүрүү фонду” гана ача алдыбы?**

- Сиз туура айтасыз. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун көйгөйлөрү көп жана бир уюм анын баарын алып чыга албайт. Андыктан башынан эле долбоорго биздин дагы төрт өнөктөшүбүз тартылды. Булар: Өнүктүрүү саясат институту (DPI), Жалал-Абаддагы Бейөкмөт уюмдарды координациялоо борбору (CSSC), “Эл аралык толеранттуулук үчүн Коомдук Фонд” (FTI), “Айылды өнүктүрүү фонду” (RDF).

Биздин уюмдун алдында турган милдет жана максат масштабы жана географиясы жагынан чоң, бирок жетишерлик деңгээлде спецификалык болду. Биз Кыргыз Республикасындагы Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун 1200 өкүлүнүн айыл чарба багытындагы жерлерди эффективдүү башкаруу боюнча билимин жогорулатууну пландаштырганбыз. Бул айылдык аймактарда айыл чарба багытындагы жерлерди эффективдүү жана айкын башкаруу механизмдерин киргиздик. Калкты көйгөйлөр тууралуу өз убагында маалымдап турuунун маанилүүлүгүн түшүнүү менен, биз бул ишке жергиликтүү жана республикалык массалык маалымат каражаттарын тарттык.

**- Жергиликтүү ММКлар силер менторлор тобун даярдап жатканыңар айтылды эле. Алар кимдер? Аларды эмне үчүн даярдадыңар? Менторлук – бул эмне болгон методология?**

- “Ментор” – бул байыркы грек тилинен которгондо ага ишенүүгө жана андан үйрөнүүгө боло турган устат дегенди түшүндүрөт. Итаканын падышасы Одиссей алыскы сапарларга чыкканда өз мүлкүн менторго таштап кетчү. Долбоор боюнча 30 жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүн биздин юристтер айыл чарба багытындагы жерлерди эффективдүү башкарууга үйрөтүп, кийин алар өзүнүн жана коңшу айылдык аймактардагы кесиптештерин үйрөтүштү. Бул долбоор “тең укуктуу – тең укуктуууга” принцибинин негизинде түзүлүп, билимди устаттан шакиртке өткөрүү системасын камсыздаган.

Буга ылайык, айылдык аймактардан 30 ментор практикалык мүнөзгө ээ болгон жана өзүнө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын айыл чарба багытындагы жерлерин башкаруу жана колдонуу боюнча ишмердүүлүгүнүн тогуз багыты боюнча укуктук негиздерин камтыган окутуу программасынан өттү. Мисалы, алар Жерди кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин, жайыттарды башкарууну үйрөнүштү; жерлерди менчиктен алуу механизмдери боюнча билимге ээ болушту, жер трансформациясы ж.б. боюнча окуудан өтүштү.


Окуу аяктагандан кийин биздин ар бир ментор айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруу жана колдонуу боюнча өз аймагындагы абалды баалады жана бул диагностиканын жыйынтыгында үй тапшырма тандалып алынды. Ага болсо “Укук жана бизнести өнүктүрүү фонду” жана “ЛАРК Кадамжайдын” юристтери (эксперттери) колдоо көрсөттү. Үй тапшырма аткарылгандан кийин ментор алынган билим жана тажрыйбанын негизинде коңшу айылдык аймактын өкүлүнө жардам көрсөттү.

**- Буга чейин долбоор биринчи жолу ишке ашырылып жатканы айтылган. Алдыдагы үч жылга (2012-жылдан тарта) ЕККУ программасынын кандай келечектүү пландары бар?**

- Ушул тапта ЕККУнун долбоорду 2012-жылы да ишке ашырууга колдоо көрсөтүү ниети бар. Белгилей кетчү жагдай, бул жылы ЕККУ долбоорду аткарууга каржылык жактан гана колдоо көрсөтпөстөн, долбоорго тартылган 30 айылдык аймакка техникалык жардам (компьютер, принтер, интернетке байланышуу мүмкүнчүлүгү жана “Токтом” маалымат-укуктук системасына жазылуу) да көрсөттү. Буга байланыштуу мен ЕККУнун Бишкектеги борборуна ыраазычылыгымды билдирип, долбоор республикадагы бардык айыл өкмөттөрүнө олуттуу жардам берет деп үмүт артам. Бул болсо жалпы жергиликтүү жамаатка, Кыргызстан элине жардам дегенди түшүндүрөт.

Маектешкен **Павел Громский**





**Үй жана насос станциясынын ортосундагы аянты 14 гектарга жеткен жер тилкеси (сол жактагы борбордо) Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун Лейлек районундагы Кулунду айылдык аймагында жайгашканына карабастан Тажикстандын жарандары тарабынан колдонулуп келет. Сууга үчүн сууну тажик дыйкандары кыргыз каналынан алышат, ал канал да Кулунду аймагынын балансында турат. Чек ара талаштарына байланыштуу маселелер чечилмейин, Кулундунун бюджетине салык түрүндө эле бери дегенде 3000 сомдон акча түшпөй турат.**

# БИЗ ӨЗГӨРҮҮЛӨРДҮ КҮТӨБҮЗ

## Жергиликтүү бюджетти кантип бекемдеш керек: эксперттердин туруму жана Жогорку Кеңештин ниети азырынча төп келүүдө




2011-жылдын ноябрь айында Бишкекте Жогорку Кеңештин Бюджет жана каражат комитетинде “Кыргыз Республикасында каржылык жактан борбордон алыстатуунун көйгөйлөрү жана келечеги” аттуу коомдук угуу өттү. Бул иш-чара ушунчалык актуалдуу, керектүү жана көпкө күтүлгөндүктөн адегенде ал өтөбү деген күмөн саноолор да болгон. Бирок тилек орундалып, угууга муниципалдык башкаруу тармагындагы көпчүлүк эксперттер, ЖӨБну өнүктүрүүгө кызыкдар болгон муниципалитеттердин башчылары катышты. Мында депутаттар жана өкмөттүн өкүлдөрү да болду. Сүйлөшүү өтө катаал маанайда өттү – жергиликтүү бюджеттердин чабалдыгы жана көз карандысыздыгы ЖӨБ органдарынын көкөйүнө тийген маселе болгону ачыкталып, айрым эксперттердин билдирүүлөрү катуу чыкты. Угуунун соңунда Жогорку Кеңештин профилдик комитетинин төрагасы Акылбек Жапаровдун сунушу менен жергиликтүү бюджеттерди бекемдөө максатында мыйзамга чукул өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча жумушчу топ түзүлдү. Бул жумушчу топ мыйзамга өзгөртүү киргизүү боюнча пакет иштеп чыкты. Анда негизинен 2012-жылга карата республикалык бюджет тууралуу мыйзамга айрым өзгөртүүлөр камтылган. Анын ичинде төмөнкү сунуштар:

- райондун бюджетин ЖӨБнун бюджетинин курамын чыгаруу жана аны республикалык бюджеттен каржылоого өткөрүп берүү;
- жергиликтүү бюджеттердин пайдасына тескелүүчү салыктардын үлүшүн көбөйтүү, анын ичинде айылдык аймактын бюджетинде калтырылган киреше салыгынын үлүшүн 50 пайызга жогорулатуу (Буга чейин Каржы министрлиги сунуш кылган 10 пайыздын ордуна);
- сатуудан түшкөн салыкты жергиликтүү бюджетке 50% өлчөмүндө жергиликтүү бюджетке которуу (Каржы министрлиги 25% сунуш кылган);
- жергиликтүү салыкты администрациялоо ишин ЖӨБ органдарына өткөрүп берүү;
- категориалдык гранттарды администрациялоо ишин мамлекеттик органдардын райондук бөлүмдөр деңгээлине өткөрүп берүү;
- жергиликтүү бюджеттер боюнча коомдук угууларды өткөрүү тууралуу катаал мыйзамдык талап коюу.

Журнал чыгаар алдында бул сунуштардын тагдыры белгисиз болчу, бирок “Муниципалитет” журналынын кийинки санында жумушчу топтун кайсы сунуштары кабыл алынаарына гана эмес, талкуу кандай жүрөөрүнө, МАКУЛ жана КАРШЫ үчүн кандай жүйөлөр айтылаарына да токтолобуз.

Жумушчу топтун курамына Өнүктүрүү саясат институтунун эки эксперти кирди. Алар: **Анарбек Исмаилов** жана **Жолдош Асибалиев**, ал эми угуулар маалындагы докладды Өнүктүрүү саясат институтунун башкаруу төрайымы **Надежда Добрецова** жасады. Кайсы маалыматтардын негизинде сунуштар иштелип чыкканын жана алар кандай максатты көздөөрүн түшүнүү үчүн жергиликтүү бюджеттерге байланыштуу азыркы кырдаал менен таанышып чыгуу зарыл.

# Саясий шамал жана Кыргызстандагы жергиликтүү бюджеттердин абалы

**Надежда Добрецова, Жолдош Асибалиев**

**2012-жылдын өлкө бюджетинде жергиликтүү бюджеттер үчүн кандай мүмкүнчүлүктөр каралган?**

Бүгүн жергиликтүү бюджеттер өлкөнүн консолидацияланган бюджетинде 14 пайыздык үлүшкө ээ. Биздин бюджеттик каражаттын 14 гана пайызы өзүбүздүн эле көйгөйлүү маселелерибизди чечүүгө кетет. Булар жергиликтүү маанидеги маселелер: жол, суу менен камсыздандыруу, таштанды, балдар бакчасы жана башкалар. Ушундай каржылоо менен биздин шаар жана айылдардагы жашоо шартты оңдоого мүмкүнбү? Төмөндөгү графикте көрсөтүлгөндөй, Кыргыз Республикасында болгону республикалык бюджет өсүүдө. Эскерте кетели, республикалык бюджет – бул мамлекеттик бийлик органдарынын улуттук коопсуздук жана тышкы саясат өңдүү мамлекеттик маанидеги маселелерди чечүү үчүн жооп берген бюджети).




Бул шаар жана айылдардын тургундарынын муниципалдык кызматтар жаатындагы керектөөлөрү жай өсүүдө дегенди түшүндүрөбү? Мындай ырастоого негиз жок. Бул 2009-жылдан тарта мамлекеттик кызматтардын көлөмү жана сапаты муниципалдык кызматтарга салыштырмалуу кескин өстү дегенди түшүндүрөбү? Мындай ырастоого негиз жок. Жергиликтүү бюджеттердин эволюциясы жана өсүү темпи муниципалдык кызматтардын жана жергиликтүү маанайдагы маселелерди чечүүнүн сапаты жана көлөмү башкаруу саясатынын көшөгөсүнүн артында калып жатканынан, коомдук-мамлекеттик жана муниципалдык каражаттардын олуттуу бөлүгү борбордо топтоштурулуп, калкка жетпей жатканынан кабар берет. 2012-2014-жылга көрсөткүчтөр көп деле жакшы эмес. Бирок бул биринчиден, болгону долбоор, экинчиден, өсүү темпи чабал бойдон калууда.

Учурдагы абал реформаларга чейин мезгилге кайтып келди – жергиликтүү салыктар дээрлик жокко эсе, ал эми жергиликтүү бюджеттеги олуттуу үлүштү республикалык бюджеттеги гранттар ээлейт. Мунун натыйжасында Кыргызстандагы муниципалитеттердин 80 пайызга жакыны (371 айылдык аймак) дотациялык, чыгашалуу болуп калды. Муниципалитеттердин чыгашалуулугу – бул миф, бюджеттик системаны борбордоштуруунун жардамы менен жасалма түзүлгөн кырдаал. Болгону өкмөткө муниципалитеттерди чабал жана баш ийген абалында кармоо үчүн бардык акчаны борбордо чогултуу ыңгайлуу. Бирок бул бизге, жарандарга ыңгайсыз. Туруксуздук, ички миграция толкуну, элдин наразылыгы дал ушул башкарууну борбордоштуруу жана көп маселелерди жеринде чече албоодон улам жаралууда. Андыктан борбордон алыстатуу, өзгөчө каржылык жактан борбордон алыстатуу – бул реформанын жүрөгү, кайра куруунун түрткүчү, экономикалык өнүгүү жана саясий туруктуулук.

Кыргызстандын мурдагы эки өкмөтүнүн саясаты бардык каражатты борбордо гана топтоо менен муниципалитеттерди дотациялык ийнеде жасалма кармап турууга багытталган. Каржы министрлигинин болжолуна ылайык, мындай саясат болочокто да сакталат.




**Башка өлкөлөр региондордо жашаган өз калкына кантип кам көрөт?**

Анализ көрсөткөндөй, борбордук жана федералдык бюджеттер күчтүү жана чоң болгон бул өлкөлөрдө консолидацияланган бюджеттердин 40 пайызы калктын муктаждыктарын чечүүгө багытталган. Алар болсо жергиликтүү жана регионалдык бюджеттерден каржыланат.

Медведевдин Орусия Федерациясынын жетекчилигинин саясий багытын аныктаган сөзүн эстеп, ал жакта чындыгында эле реалдуу реформалар башталганын түшүнөсүң. Ал эми биздечи? Жогорку Кеңештин депутат-



тары региондордо, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде кырдаалды жакшыртууга мүмкүнчүлүк алышты. Алар бул мүмкүнчүлүктү колдонуп кете алышабы? Алар биздин өлкөнүн өнүгүүсүн жаңы баскычы жайгашкан "Каржылык жактан борбордон алыстатуу" деген жазуусу бар эшикти ача алышабы?

**Муниципалдык каржынын реалдуу абалы кандай?**

Ушул тапта мэрия, шаардык башкармалык жана айылдык аймактарды камтыган муниципалитеттердин жергиликтүү бюджетинде өз казынасын толтуруунун болгону эки булагы бар: жер үчүн салык жана мүлк үчүн салык.

Жер үчүн салыктын бир түрү катары айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун (мындан ары – АЧЖБФ) жерлеринен түшкөн салык. Көпчүлүк АА үчүн бул салык жүктөй болуп калган, себеби мындай жерлер ижарага берилдиби же жокпу, ал үчүн салыкты АА төлөйт, а бирок бул жерлердин ээси мамлекет. Алыстагы, жетүүгө кыйын, чек аралаш, тоолуу ААда АЧЖБФнын жерлерин ижарага берүү мүмкүн эмес, ошентсе да АА бул үчүн салык төлөйт.

Кыймылсыз мүлк үчүн салык ушул тапта шаарларда гана колдонулат. Анткени айыл жергелеринде, өзгөчө чакан жана алыскы айылдык аймактарда бул салыкты колдонууга болбойт. Балким 90 пайыз айылдык аймак үчүн бул салык эч качан киреше алып келбейт. Ушул тапта салыктын бул түрүнөн түшкөн киреше болгону 0.2 пайызды түзөт

**Жергиликтүү бюджеттерге бөлүштүрүлгөн жалпы мамлекеттик салыктар**

Жергиликтүү бюджеттерге төмөнкү салыктардын үлүшү түшүп турат: кирешеден түшкөн салыктын бөлүгү жана сатуудан түшкөн салыктын бөлүгү.

Бул салыктарды бөлүштүрүү дискриминациялык принциптердин негизинде жүргүзүлөт: "калк отурукташкан пункт канчалык жакыр болсо, ошончолук аз каражат". Чындыгында "жакыр" айылдык аймактар көбүрөөк алышы керек эле. 2012-жылга карата да бул принцип сакталган.

| | |
|---|---|
| Республикалык маанидеги шаарлар | 50% |
| Облустук маанидеги шаарлар | 40% |
| Райондук деңгээлдеги шаарлар | 40% |
| Айыл өкмөтү | 10% |
| Райондор | 30% |

**Салыктар менен иштөө**

Бул жерде ушул салыктардын толук түшүүсүнө байланышкан курч маселе бар. Каражаттар жергиликтүү бюджетке түшүп жаткандан кийин, ЖӨБнун каржы органдары бул салыктарды болжолдоо жана башкаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек эле. Бирок ЖӨБ органдары бул салыктарды өздөрү болжолдой албайт, анткени бул салыктар мамлекеттик салык деп эсептелет, ушундан улам аларды мамлекеттик органдар прогноздойт жана администрациялайт. Демек ЖӨБ органдары жергиликтүү бюджетке түшкөн каражатты алууга укугу бар, бирок аларды башкара албайт экен. Белгилей кетчү жагдай, айыл жергесинде, өзгөчө чакан жана алыскы айылдык аймактарда мамлекеттик салыктан түшкөн каражаттар олуттуу деле эмес.

**2012-жылга карата жергиликтүү бюджеттердин реалдуу кирешеси канчалык?**

2012-жылдын бюджет долбоорунда жергиликтүү бюджеттердин кирешеси 23 миллиард сомду түзөт. Жергиликтүү бюджеттин кирешесинин чыныгы суммасын көрүү үчүн бул суммадан категориалдык гранттарды, Ош жана Бишкек шаарларынын бюджеттерин алып ташташ керек. Эмесе, 2012-жылдын бюджет долбоорунда: категориалдык гранттар (мугалимдердин айлыгы) 9,6 миллиард сомду түзөт, теңдөөчү гранттар (1.2 миллиард сом, стимулдаштыруучу гранттар 0.3 миллиард сом, Бишкек шаарынын бюджети 5 миллиард сомдон ашуун, Ош шаарынын бюджети 1 миллиард сомдон ашуун. Натыйжада: 23-9,6-5,2-1,2= 7 млрд. сом. Ошентип, шаарлардын жана айылдардын 2012 жылгаиш жүзүндөгү бюджети, Ош жана Бишкек шаарларын кошпогондо, болгону 5.5 млрд. сомду түзөт.

**Реформанын экономикалык таасири**

2007-жылдагы реформалардын натыйжасында жергиликтүү бюджеттер өз алдынчалыкка ээ болду. Жергиликтүү салыктардын курамында сатуудан түшкөн салык да болду, мында ЖӨБ органдары өздөрү салыкты администрациялап, чогулта алышты. 2007-жылы бул салыкты чогултуу биринчи жолу пландык чогултууну 134 пайызга ашып түштү (бирок администрациялоонун реалдуу коэффициенти 0,32, же жыйноо 100 пайыздын 32 пайызын түздү). Ушул эле жылы Кыргызстан үчүн чанда кездешүүчү окуя катталды – республикалык бюджеттин профицити жана 2006-жылга салыштырмалуу бюджеттин кирешеси 42,4 пайызга өстү!

2007-2008-жылдардагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жергиликтүү бюджетине өзүнүн киреше булагы бекитүү менен коштолгон реформалар Кыргызстан боюнча олуттуу оң экономикалык таасирин тийгизген. 2007 жана 2008-жылдары номиналдык ИДПы укмуштуудай өсүштү көрсөттү. Бирок эң негизгиси – муниципалитеттер өз күчүн жана жергиликтүү маанидеги чечимдерди кабыл алууга даяр экенин сезишти.

Азыр реформанын жетишкендиктерине кайтып келүү мүмкүнчүлүгү бар.

**Орусия тараптан урган саясий шамал**

Кыргызстанда дээрлик бардык саясатчылар Орусияда болуп аткандарды кайталагысы келет. Мындай көчүрүүлөр элдин жана өлкөнүн пайдасына болсо жакшы. Балким бизде мына дал ушундай көчүрмөнү көрүп калуу мүмкүнчүлүгү пайда болду.

Жакында эле Орусиянын президенти Медведев "Өлкөнүн каражаты региондор жана муниципалитеттер тарапка жылышы керек" деп айтты. Мындай билдирүү Орусиянын муниципалдык бийлигин эйфориялык абалга жеткирди. Орусия Федерациясынын президентинин чечими менен түзүлгөн иш топтору ушул жылдын соңуна чейин Орусия Федерациясынын консолидацияланган бюджетинин структурасындагы регионалдык жана жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгүн көбөйтүү боюнча чараларды караган сунуштарды иштеп чыгышы керек. "Зарыл болгон учурда Орусия Федерациясынын салык системасынын структурасына жана бюджеттик мыйзамына өзгөртүү киргизиш керек", - деп айтылат кайрылууда. Бул кокустукпу?

Эгерде бай жана кубаттуу Орусия конкреттүү адамдын маселелерин ал жашаган аймакта, башкача айтканда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде чечүү керектигин, жарандардын күнүмдүк жашоосунун деңгээлин жакшыртуу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун милдети болгонун түшүнүп жатса, анда Кыргызстан үчүн каржылык жактан борбордон алыстатуу маселеси актуалдуу гана эмес, өтө маанилүү болуп калды.



# ЭЛЛА КИМ: Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – мамлекеттик органдардын дублеру эмес

**Кара-Балта мэриясынын жооптуу катчысы Элла Ким жергиликтүү өз алдынча башкарууда бул системанын түзүлгөн алгачкы күнүнөн бери иштейт. Ал эми анын шаарды башкаруу ишмердүүлүгүндөгү жалпы стажы 35 жылга чукулдап калды. Элла Ким бардык жетишкендиктерди жана кемчиликтерди көрүп, мыйзамдагы реформаларга тынчсызданып, шаардын ЖӨБнун бардык жетекчилери менен иштеди. Ал бардык баскычтарды гана эмес, мэриянын ар бир күнүн, ар бир документин жана жамааттын ар бир үшкүрүгүн билет. Шаардагы жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү тууралуу мыкты институционалдык эс тутуму менен Э. Ким Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн жыйынтыктарына жана келечегине баа бере алат.**

– Жергиликтүү өз алдынча башкаруу канчалык күчтүү болсо, андан ошол аймакта жашаган калкка ошончолук пайда да болот, - деп сөзүн баштады Элла Ким. – Бул калкка түрдүү кызматтарды көрсөтүү, жаш ишкерлерге соода түйүндөрүн жана дүкөндөрдү ачуу үчүн жай, жер тилкелерин берүү менен жардам көрсөтүү, кичи жана орто бизнести колдоо, мунун натыйжасында жумушчу оруңдары жана жергиликтүү бюджетке салыктарды көбөйтүү, шаардын инфраструктурасын оңдоо ж.б.

**– ЖӨБ заманбап шарттарда аймактагы экономиканын өнүгүүсү үчүн катализатор болуп, бүгүнкү күнгө мүнөздүү болгон жөн жерден эле пайда болгон жаңжалды алдын алууга жөндөмдүүбү?**

– Эгерде жергиликтүү өз алдынча башкаруу белгилүү бир аймакта чындыгында эле бийликке ээ болсо, анда бардык мекемелер, уюмдар, ишканалар, коомдук бирикмелер, бейөкмөт уюмдар менчик формасына карабастан ЖӨБнун чечимдерин аткарат. Бул болсо биринчи кезекте туруктуулуктун жана шаар, айыл, райондордогу тынчтыктын кепилдиги. ЖӨБнун аброю жогору болгон аймакта ыктыярдуу элдик кошуундар, улуттук-этникалык диаспоралар, бейөкмөт жана коомдук уюмдар, кварталдык жана үй комитеттери, жаштар уюмдары, коомдук-профилактикалык борборлор, согуш жана эмгек ардагерлеринин кеңештери, аялдык кеңештер иш алып барат.

Өзгөчө белгилей кетсем, мындай учурларда жаштардын улуу муунга сый-урматы да сакталып, аларга жардам көрсөтүү аракети пайда болуп (мисалы, тимуровчулардын кыймылы), адамдар коомдук мүлккө аяр мамиле жасай баштайт – отургучтарды сындырбайт, газон чөптөрдү тебелебейт, лампаларды сындырбайт жана бассейндерди кирдетпейт. Мына ушуларды сакта кала алган жерлерде жергиликтүү бийлик органдары бардык жаңжалдарды алдын алып, күтүлбөгөн кырдаалда чукул чечим кабыл алууга даяр болот. Мисалы, ата-андаш мектеп, же көчөлөрдүн балдарынын мушташы белгиленип жатканын өз убагында биле алабыз.

Мындай чукул кырдаалдарды жөнгө салууда билим берүү мекемелеринин жетекчилери жана өспүрүмдөр иштери боюнча инспекциянын өкүлдөрү гана эмес, андан тышкары Кара-Балта шаарынын аймагында жашаган 12 улуттун башын кошкон улуттук-этникалык диаспораларынын "Содружество" биримдиги да катышты. Шаар башчысынын тартипти коргоо тууралуу чакырыгына бардык ишканалардын, уюмдардын, мекемелердин жетекчилери тикесинен тик туруп берди: жашоого маанилүү объекттер коргоого алынып, шаар көчөлөрүн күнү-түнү ыктыярчылар кайтарып,  тартип коргоо кызматкерлерине чоң жардам беришти.

Өлкөдө болуп өткөн кайгылуу окуялардан кийин биз ошол замат шаардык штаб түзүп, ага ишкана, уюмдардын жетекчилери, шаардык кеңештин депутаттары, улуттук-этникалык диаспоралардын өкүлдөрү, "Афганец" коомдук уюмунун жетекчилери, шаардын ардактуу тургундары, өндүрүш ардагерлери кирди. Активисттер күн сайын шаар тургундарына кайрылуу жасап, тынчтык жана сабырдуулукка үндөп, мындан тышкары зарыл болгон учурда кайсы номурга чалуу керектигин айтып, шаардагы кырдаал жана шаар бийлиги кабыл алып жаткан чаралар тууралуу маалымдап турушту. Биз ушак-айыңдарды болтурбоо үчүн Кара-Балта жана республикада орун алып жаткан окуялар тууралуу маалымдар кылуу үчүн эки жолу тынч мүнөздөгү митинг өткөрдүк.

Бул иш өзүнүн оң натыйжаларын берди: биздин шаарда бир дагы талап-тоноо, чагымчыл мүнөздөгү билдирүүлөр болгон жок. Убактылуу кыйынчылыктан пайдаланып, шаар бийлигин бийликтен кетирүүнү каалагандар болду, бирок алардын тилеги таш капты. Бул нерселер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ийгиликтүү ишинен кабар берет.

**– Сиз жергиликтүү өз алдынча башкаруу полимаданий ой-жүгүртүүгө таасирин тийгизе алат деп эсептейсизби? Кантсе да Кара-**

**Балтанын борбор шаарга жакын жайгашканы да таасирин тийгизип жатса керек?**

Биздин шаар абдан чакан жана Жайыл районунун дал чордонунда жайгашканы менен айырмаланып турат. Анын тургундары жетиштүү деңгээлде саясатташкан, шаарда гана эмес, олкөдө орун алып жаткан өзгөрүүлөр тууралуу жакшы маалымдалган. Шаардык башкармалыктын имаратында маалымат такталары турат, ал жакта ЖӨБ органдарынын чечимдери менен таанышса болот. Мындан тышкары Кара-Балта шаарынын интернет сайты да иштеп жатат, анын беттеринде калаа турмушу тууралуу акыркы жаңылыктар жана ММК маалыматтарын таба аласыздар. Имараттын алдында маалымат такчасы илинген, ал шаардыктарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгү тууралуу кабарлап турат.

Эң көп киши чогулган жер – Маданият сарайы. Бул жерде бардык улуттун өкүлдөрү өз маданиятын көрсөтүп, өз ара пикир алышып турат. Бул жайда шаардык, райондук, облустук, райондор аралык иш-чаралар өтүп турат. Ушул жылдын биринчи кварталынын жыйынтыгы боюнча эле 69 иш-чара өткөрүлдү: улуттук-этникалык диаспоралардын фестивалы, "Эне тил" кечеси, кыш менен коштошуу майрамы, Нооруз, КВН, Ачык эшик күндөрү, Кыргызстандын элдик артистеринин чыгармачыл кечелери, Кара-Балтанын элдик театрынын спектаклдеринин бет ачарлары жана башкалар. Бул иш-чараларга 14 миңден ашуун адам катышты.

**– Өсүп келаткан муундун бир калыпта өнүгүүсү үчүн ЖӨБ кандай салым кошууда?**

– Жергиликтүү өз алдынча башкаруу маданият, спортту өнүктүрүү, билим алуу, жаштарды регионалдык маанидеги маселелерди чечүүгө тартууга өзгөчө көңүл бурат. Мисалы, "Биз таза шаар үчүн!" жаштар акциясы, окуучулардын спартакиадасы, "Спорт – сергек жашоонун негизи!" аттуу майрам, КВН, сулуулар сынагы ж.б. Буларды өткөрүүгө жыл сайын шаардык бюджеттен аз эмес каражат бөлүнөт. Жаштардын татыктуу билим алуусу үчүн Кара-Балта бийлиги Пирогов атындагы медициналык колледж, Чүй университетинин филиалдары үчүн имараттарды бөлүп берди. Буга өзгөчө аз камсыздалган үй-бүлөлөрдүн балдары кубанды.

**– Региондун экономикалык өнүгүүсү жана өсүүсү үчүн жергиликтүү бийлик эмне кылууда?**

– Менимче, бул багытта да иштер жүрүүдө. Кара-Балта шаар башкармалыгы калаага инвестиция тартуу менен алектене турган жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү секторун түзүү демилгесин көтөрдү. Ишкерлерди колдоо борборлору, кичи жана орто бизнеске колдоо көрсөтүү боюнча кепилдик кору бар. Окутуу жана өнүктүрүү борборлорунун жардамы менен биз жаңы кадрларды даярдап жатабыз. Бул жерде каалагандар кошумча кесипке ээ боло алат, мисалы, бухгалтер, куруучу, чач тарач, тигүүчү кесиптери. Борбордо чет тилдер жана компьютер курстары бар.

**– Акыркы маалдарда ЖӨБнун турумдарынын бошоп калышы менен аларсыз деле жашаса болот деген сөздөр чыга баштады. Ансыз деле чечимдердин баарын борбор кабыл алууда дешет.**

– Өндүрүш, инфраструктура, билим берүү, саламаттык, маданият жана спорт тармактары өнүккөн Кара-Балтада жергиликтүү өз алдынча башкаруу керек. Ал болсо мамлекеттик органдардын функцияларын кайталабаш керек. Мамлекеттин дотациясында болгон органдар тууралуу айта турган болсок (айылдык округдар), ал жакта жергиликтүү өз алдынча башкаруунун толук кандуу өнүгүүсүнө байланыштуу чоң көйгөйлөр бар. Толук кандуу орган болуу үчүн көп себептер керек.

**– Заманбап саясатчылар, өзгөчө борбор калаадагылар ЖӨБнун күчтөнүшүнөн коркушат. Эмне үчүн?**

– Чындыгында эле бул көрүнүш бар, бул болсо борбордон алыстатуу жараянын токтотуп, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүүсүнө жолтоо болууда. Жергиликтүү маанидеги маселелерди ошол эле жеринде өз убагында чечүү, бул үчүн жогору жактан резолюция күтпөй деле коюу өңдүү өз алдынчалык баарына эле жага бербейт.

**– Сизди жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча мыйзам канааттандырабы?**

– Анча эмес. Жарым жартылай жана чийки мыйзам ЖӨБнун өнүгүүсүнө бут тосууда, жергиликтүү мыйзамдарды администрациялоо боюнча ыйгарым укуктар өткөрүлүп берилген эмес, башкача айтканда шаардык бюджеттин кирешелүү бөлүгүн өз маалында аткаруу боюнча механизм жокко эсе.

**– Балким анда бүгүн эле жергиликтүү органдарга толук бийлик берүү зарылдыр?**

– Менимче, бул процесс бара-бара эмес, бир заматта ишке ашырылышы керек. Ошондо гана жергиликтүү өз алдынча башкаруу керекпи, же жокпу дегенди биле алабыз, ошондо да реалдуу жоопту талап кыла алабыз.

**– Административдик-аймактык реформа тууралуу кандай ойдосуз?**

– Кара-Балта облустук маанидеги шаардын бардык талаптарына жооп берет. Ал өнүккөн өндүрүш жана социалдык чөйрөгө, билим берүү, саламаттык сактоо, маданият жана спорт объекттерине ээ. Бул жерде ишканалар жана курулуш уюмдары, транспорттук компаниялар иш алып барат, өнүккөн байланышка ээ. Кара-Балтада 40 миңден ашуун адам иштейт, бул болсо Кыргыз Республикасынын "Административдик-аймактык түзүлүш тууралуу" мыйзамынын талаптарына төп келет. Облустук маанидеги шаар макамына ээ болгондо аймактагы экономикалык өнүгүүгө байланыштуу бир топ маселелерди чечүү мүмкүнчүлүгү пайда болмок, жергиликтүү бюджетке салыктын жана салыксыз төлөмдөрдүн пайызы көбөймөк, салыктарды администрациялоо маселелери өзгөрмөк.

**– ЖӨБ тууралуу айтканда сизде кандай сезимдер ойгонот?**

– Оптимизм, эргүү, кээде өкүнүч.

**Маек жергиликтүү өз алдынча башкарууга фокус жасоо менен 2011-2012-ж.ж. Адамды өнүктүрүү тууралуу Улуттук докладдын алкагында Лариса Ли тарабынан даярдалды.**



# Жаштар чечим кабыл алуу жолунда

**Айнура Балакунова, Рахат Абдыхаликова, Нурсалтан Абдыкадыров, Екатерина Белецкая,**
«Сорос - Кыргызстан» Фонду тарабынан каржыланган «Жергиликтүү деңгээлдеги чечим кабыла алууда жаштардын катышуусун күчөтүү» долбоорунун менеджери жана координаторлору

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында жаштар жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алуу процессине чабал катышууда. Жаштар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосундагы ажырым жаштарда өз шаарында же айылында бир нерсени өзгөртүү мүмкүнчүлүгүнө ишенбестикти жаратууда. Бул жаштарды өзүнүн кыйратуучу кубатын жана наразылыгын борбордук бийликтин дарегине жолдоого түртүп, башаламандыктарга катышып, түрдүү экстремисттик кыймылдарга жана акцияларга тартууда. Мунун даана мисалы катары акыркы саясий окуяларды көрсөтсө болот, эки ыңкылапка тең жаштар активдүү, бирок деструктивдүү катышты. Бул окуялар эки жагымсыз фактыны көрсөтүүдө:

а) башкаруу органдарынын, анын ичинде жергиликтүү деңгээлде (жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары) жаштарды жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жана саясий процесске катышууга үйрөтө албагандык, жана

б) жаштардын тынч жана конструктивдүү маанайда саясий процесстерге катышуу жөндөмү жана тажрыйбасы жоктугу.

Бул контексте жаштардын чабалдыгы төмөнкү кырдаалдарда жаралган:

- a) жаштардын саясий маалымдуулугунун жана билиминин төмөндүгү;
- b) колдогу демократия институттары жана өз демилгелери аркылуу саясий процесске катышуунун практикалык тажрыйбага ээ болбогондугу;
- c) жаштардын мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларын, ролун түшүнүү деңгээлинин төмөндүгү;
- d) жергиликтүү деңгээлде жаштар саясатынын жана программаларынын жоктугу;
- e) коомдук жаштар уюмдарынын ишинин төмөн деңгээли жана тажрыйба алмашуунун жоктугу;
- f) түрдүү деңгээлдерде маалымат алууда төмөнкү деңгээлдердин болгону;
- g) кичи шаарларда жана айыл жергелеринде жаштардын жумушсуз жүргөнү, мунун айынан жаштар үчүнчү күчтөрдүн, мисалы, диний экстремисттердин, улутчулдардын ж.б. чагымчыл аракеттерине тез көнөт. Ушундан улам мамлекет жаштарды ал жашаган аймакты өнүктүрүүдө ролун көрө албайт.

Мындай инциденттер жаштар саясий жараяндардын толук кандуу катышуучусу болуп, чечим ка-



"Муниципалитет" илимий-популярдуу журналы

был алууга катышуу ыкмаларын өздөштүрмөйүнчө улана берет. Бирок адегенде жаш адам өлкө деңгээлиндеги саясий процесстерге катышууга аракет кылаардын алдында, ал жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө, жергиликтүү деңгээлдеги чечимдерди кабыл алууда тажрыйбага ээ болушу керек. Улуттук саясат ЖӨБнун деңгээлинде башталат.

Жаштарда патриоттуулук сезимин жогорулатуу зарыл жана жаш муунду жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө аралаштыруу керек. Жаштарга аймактык деңгээлдеги жашоону жакшыртуу маанисин жана мүмкүнчүлүгүн, аны менен бирге өлкө турмушундагы шарттын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (мэрия, шаардык башкармалык, айыл өкмөтү) ишинин жардамы менен жакшырышын көрсөтүш керек. Жаштар өз энергиясын жана демилгесин туура багытта колдоно ала турган жергиликтүү маанидеги бир топ маселелер бар, анын ичинде көрктөндүрүү, колунда жокторго жана карыларга камкордук көрүү, балдарды тарбиялоого катышуу, өз алдынча уюштуруучулук өңдүү.

Ошентсе да иш жүзүндө жаштарда пайдалуу бир иш менен алектенүү үчүн каалоо жана идея пайда болгон күндо да, алар кайда кайрылып, өз демилгесин кантип ишке ашырууну билишпейт. Ал арада жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди ийгиликтүү чечүү үчүн жарандардын катышуусуна, алардын энергиясына жана демилгесине муктаж.

Бул маселени чечүү жолун Өнүктүрүү саясат институту "Сорос-Кыргызстан" кору тарабынан каржыланган "Жергиликтүү деңгээлдеги чечимдерди кабыл алуу процессине жаштардын катышуусун күчөтүү" долбоорунун алкагында табууга аракеттенип жатат. Долбоор эки баскычта ишке ашырылды. Биринчи этабында окуу материалдары иштелип чыгып, маалымат өнөктүгү жүргүзүлүп, долбоордун механизмин сынап көрүү үчүн пилоттук облус тандалып алынды (Нарын, Ош жана Ысык-Көл). Пилоттук долбоордун катышуучулары төрт күндүк окуудан өттү. Эми алар өз демилгелерин ишке ашырып, андан кийин жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштерине катышуунун жыйынтыктарын форумда талкуулашат.

Экинчи этабында тажрыйба эки облуста өтө турган бет ачарда сунушталат. Ага биринчи баскычтагы пилоттук облустагы жаш демилгечи топтор катышат. Жаңы жаштар тобу үчүн тренинг өтүп, демилгелер ишке ашырылып, ийгиликтин тарыхын баяндаган баяндардын топтому жарык көрүп, долбоордун жыйынтыгы боюнча улуттук деңгээлде "тегерек стол" талкуусу өтөт.

### Катышуучулар

Биринчи баскычында катышуучуларды тандоо келип түшкөн билдирүү-анкеталардын негизинде жана пилоттук облустагы долбоордун бет ачары маалында өткөрүлдү. Нарын облусунун жаштары эң активдүү болду, ошондуктан облустагы бардык райондордун жамааттарынын 26 жаш лидери үчүн мектеп Нарында 2011-жылдын 1-ноябрынан 5-ноябрына чейин өттү. Ар бир катышуучунун жергиликтүү жамааттын жашоосуна карата көз карашы калыптанып калганы жана ЖӨБО менен кызматташууда чакан тажрыйбага ээ болгону аныкталды. Ар бир катышуучуда ЖӨБ жана жарандык катышуу механизмдери тууралуу жетишпей жаткан маалыматка ээ болуу каалоосу, андан тышкары өзүнүн жарандык ролу жана ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу боюнча практикалык тажрыйбага ээ болуу аракети байкалып турду.

Окутуу материалдары төмөнкү блокторго бөлүштүрүлгөн:

- КРдагы мамлекеттик түзүлүш структурасы; ЖӨБнун мыйзам чыгаруу негиздери; жергиликтүү маанидеги иштер жана ЖӨБга өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктар;
- ЖӨБнун структурасы: аткаруу, мыйзам чыгаруу/өкүлдөрү бутактары; укуктар жана милдеттер;
- ЖӨБнун каржылык негиздери;
- муниципалдык менчик: бул эмне, аны ким жана кантип башкарыш керек;
- маалыматка ээ болуу тууралуу мыйзам: ЖӨБО муниципалдык менчикти башкарууда жана каражатты колдонууда кантип айкындуулукту камсыздашы керек;
- жарандык катышуунун механизмдери.

Окутууну уюштуруу ыкмасы ушундай түзүлгөндүктөн жаштар башкаруу системасынын түзүлүшү жана андагы өзүнүн ролу тууралуу бүтүмгө өздөрү жетип, андан соң ошол бүтүмдөрүн мыйзамда айтылган менен салыштырып жатышты. Ыкма өзүн актады, себеби анын жыйынтыгында катышуучулар проблеманы адегенде өздөрү сезип, андагы жетишпегендиктер жана боштуктарды таап, андан соң мыйзамдын жардамы менен аларды жоюп жа-





тышты. Мисалы, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун функцияларын сүрөттөп жатып, катышуучулар мамлекет тарабынан өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды көбүрөөк талкуулап, мисалы, аскердик эсепти ким жүргүзүшү керектиги тууралуу өз ара талашып жатышты. Андан соң мыйзам менен салыштырууда алар ЖӨБнун өз функциялары менен мамлекет тарабынан өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктардын ортосундагы айырманы көрө алышты.

Чыгармачыл атмосфераны түзүү, өз пикирин билдирүү жана окутулган материалдарды мыкты өздөштүрүү үчүн күндүн аягында катышуучулардын ичинен тандалып алынган репортерлор репортаж даярдап жатышты. Бул ийгиликтүү ыкма болду: репортерлор өздөрү сценарий даярдап, ага башка катышуучуларды тартып, аларга суроо узатуу менен өтүлгөн материалдарды кайталап жатышты.

Жаш лидерлер – тренингдин катышуучулары жергиликтүү жамааттын көйгөйлөрү жана аларды чечүүдө өздөрүнүн катышуу мүмкүнчүлүгү тууралуу ойлонуп жатышты. Муну соңку фазада мектеп катышуучулары тарабынан иштелип чыккан долбоордогу сунуштардан көрүүгө болот («Нарын облусунун жаштары долбоорлорду сунуш кылат» материалын караңыз). Өнүктүрүү саясат институту сынакта жеңип чыга турган айрым долбоорлорго каражат жагынан жардам берүүнү пландаштырууда. Башка долбоорлорго болсо донорлор жана өнөктөштөр жардам берет деп үмүт кылабыз.

Байланышта болуу, тажрыйба алмашуу жана окшош проблемаларды чогуу чечүү үчүн мектептин катышуучулары интернет барак ачууну чечти www.youthproject.kloop.kg. Бул жерде долбоор жана мектеп тууралуу маалымат жайгаштырылган, сүрөт баяндар, репортаж рубрикасы жана оюндар бар. Келечекте интернет сайтты өнүктүрүү, үч пилоттук облустагы, андан соң Кыргызстандын бардык жаштарынын жана уюмдардын демилгелерин колдоо пландары бар.

# Таанышып алаңыздар: Кыргызстандын Нарын облусунун келечектеги лидерлери!



**Кыдыргычова Умут:**

"Мага ЖӨБ, коммуникация жана жаңжалдар боюнча билим алуу үчүн түзүлгөн ыңгайлуу чөйрө жакты. Буга чейин мен шаардын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун функциялары жана тапшырмалары тууралуу көп ойлончу эмесмин, бирок бул тренинг ушул маселелер тууралуу ойлонууга түрткү болду. Мага чакан топтордо иштеп, тапшырманы чыгармачылык менен аткарган катышуучулар да жакты. Мектеп аяктагандан кийин мен эмне жөнүндө ойлонуп калдым? Өз долбоорумду иштеп чыгып, өзүмдүн активдүү турумумду көрсөткүм келип жатат. Мен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башка өкүлдөрү менен кызматташып, жергиликтүү маанидеги чечимдерди кабыл алууга катышам деп ойлойм".

**Байбагышов Табылды:**



"Алынган билимди жана тажрыйбаны өзүмдүн профессионалдык ишмердүүлүгүмдө колдоном, Ак-Талаа районундагы жаштарга кеңеш берем. Мындан тышкары мен айылдык кеңештин сессияларына катышам, бул болсо мага жергиликтүү деңгээлде чечимдерди кабыл алуу процессине тартылууга жардам берет. Ал жакта мен жаштардын маселелерин айтып, жаштарды жергиликтүү маанидеги иштерге тартуу боюнча ЖӨБО менен бирге иш-чаралардын планын иштеп чыгам".

**Султанов Шерали:**



«Мен өзүм үчүн жергиликтүү кеңештин депутаттарынын укуктарын жана милдеттерин аныктап алдым. 2012-жылы мен жергиликтүү кеңештин депутаттыгы үчүн ат салышам. Эгерде депутат болуп калсам бул тренингде алынган билим жана тажрыйбам менин жаңы коомдук ишимде жардамчы болот».

**Асылбек уулу Мирлан:**



"Тренингге катышуу менен бирге мен өзүмдү жамааттын ичинде кантип алып жүрүшүм керектигин түшүндүм. Жаштар жергиликтүү деңгээлдеги чечимдерди кабыл алуу процессине аралашышы керек, биз бирибиризден мына ушуга үйрөндүк. Кандай кызматты ээлебейли жана кайда иштебейли, биз өз жамаатыбызды өнүктүрүшүбүз керек. Бул үчүн мен кошумча билим жана тажрыйбага ээ болдум. Биз биринчи орунда жамааттын ичиндеги достук жана ынтымак турганын унутпашыбыз керек. Бул үчүн биз жаңжалдарды башкаруу боюнча билимге ээ болушубуз керек".



**Аманбек кызы Аксана:**

"Тренингдеги бардык материалдарды толугу менен өзүмө сиңирип алдым деп ишенимдүү айта алам. Өзгөчө мага ЖӨБга байланыштуу темалар жакты. Мындан тышкары мен бул жактан жаңы досторду таптым жана курдаштар менен тил табышканды үйрөндүм. Тренингде алган билимимди практика жүзүндө жаштарды жергиликтүү маанидеги иштерге тартууда окутуу жана кеңеш берүү үчүн колдоном".

**Чырмыева Айжан:**



"Ар бир тема кызыктуу болду". Өзгөчө "Коммуникация ыкмалары" деген тема пайдалуу болду. Мен пикир алышууда өзүмдүн кемчиликтеримди байкап, туура суроо берүү жана жооп алууну өздөштүрдүм. Мен өзүмдүн күчүмө жана жаштар келечекте дүйнөнү өзгөртөөрүнө ишенем".




**Жаныбеков Урмат:**

"Мен бир нече иш-чараларды пландаштырып койдум, аларды ишке ашыруу менен мен жамаатыма жана үй-бүлөмө бир топ пайда алып келем. Мен эми өзүмдүн укуктарымды жана жергиликтүү маанидеги иштерге катышуу механизмдерин билем".

Жазып алган **Рахат Абыхаликова,**
ӨСИ жаштар саясаты боюнча координатор

## Эл аралык донор уюмдардын, фонддордун, коомдук уюмдардын жана саясий партиялардын көңүлүнө!

**Эгер сиз Нарын облусунун жергиликтүү жамааттарынын жаш лидерлеринин демилгелерин колдогуңуз келсе, алар сунуш кылган мини долбоорлорун көрүп чыгыңыз. Балким ошол жаш лидерлерге өзүнүн күчүн сезип, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө активдүү катышуусуна дал сиз түрткү боло аласыз. Балким сиз колдоп кете турган балдардын арасында жергиликтүү кеңештин болочок депутаттары, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун болочок башчылары бар чыгаар.**

# Нарын облусунун жаштары долбоорлорду сунуш кылат

### "Жергиликтүү аймактагы жаштардын укуктук сабаттуулугун жогорулатуу" долбоору»

Ак-Талаа району

Көйгөйдүн сүрөттөлүшү: Бүгүнкү күндө Ак-Талаа районун жаштары өз укуктарын билбейт жана жергиликтүү деңгээлдеги чечим кабыл алуу процессине катышпайт.

Максат: семинар-тренингдерди өткөрүү менен жаштардын укуктук сабаттуулугун жогорулатуу.

Бюджети: 300 АКШ доллары.

### "Жаштар таза шаар үчүн" долбоору

Нарын шаары

Көйгөйдүн сүрөттөлүшү: жаштар өзүн шаардын тазалыгы үчүн жооптуу деп сезбейт, алар муну шаар бийлигинин гана милдети деп эсептейт; Нарында таштандыны бөлүштүрүү практикасы жокко эсе, таштандыларды чогулткан коммуналдык кызматтын кызматкерлерине көңүл бурулбайт.

Максаты: Нарын шаарынын жаштарынын аң-сезимин өзгөртүү жана жаштардын таза шаар үчүн жоопкерчилигин жогорулатуу.

Тапшырма: Нарын шаарынын жаштарынын көңүлүн "Жаштар таза шаар үчүн!" темасы-

на КВН уюштуруу аркылуу буруу; Флеш-моб аркылуу жаштарда таза шаар үчүн жоопкерчиликти күчөтүү таштандыны бөлүштүрүү практикасын киргизүү.
Бюджети: 30 600 сом.

### “Жаңы горизонт” долбоору

Нарын шаары
Көйгөйдүн сүрөттөлүшү: Нарында 40 миңден ашуун калк жашайт, алардын 3 миңден ашууну студенттер, мындан тышкары орто билим берүү боюнча 10 окуу жайы бар. Нарындын болжол менен 5 миң жаш тургуну жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасы жана шаардагы жашоо шартты жакшыртуу үчүн жарандардын жергиликтүү маанидеги чечимдерди кабыл алууга мүмкүнчүлүгү бар болгону тууралуу кабардар эмес.
Максаты: Нарындын жаш тургундарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишмердүүлүгү, жергиликтүү жамааттын жашоосу, жарандардын жергиликтүү маанидеги чечимдерди кабыл алуусуна катыша алары, муну менен шаардагы жашоо шартты жакшыртуу мүмкүнчүлүгү болгону тууралуу маалымат деңгээлин жогорулатуу, муну маалымат бюллетендерин чыгаруу жолу менен ишке ашыруу.
Бюджети: 20 000 сом.

### “Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга ыңгайлуу шарттарды түзүп берүү” долбоору

Нарын району
Көйгөйдүн сүрөттөлүшү: Нарын облусунда мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар өз максаттарын ишке ашырууда кыйналып келишет. Бул адамдар өз таланттарын көрсөтө алышы үчүн биз тараптан жардам көрсөтүлөт. Бул адамдарда жашоодогу максаттарын ишке ашырууга стимул жана кайсы бир деңгээлде каржылык көз карандысыздык болот деп ишенебиз. Бул долбоордун ийгиликтүү ишке ашышы үчүн буга чейин иликтөө жүргүзүлгөн. Ага ылайык, атайын техникасы жок адамдардын тобу аныкталган, бул болсо алардын ишин кыйындатууда.
Максаты: Коомчулуктун көңүлүн мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын көйгөйлөрүнө атайын видео тасмаларды көрсөтүү жана акция өткөрүү менен буруу. Биздин максат – мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга иш убактысын дагы жемиштүү пайдалануусу үчүн техникалык каражат таап берүү.
Бюджети: 366 000 сом.

### “Таза айыл” долбоору

Ат-Башы району
Көйгөйдүн сүрөттөлүшү: Ат-Башы айылында учурда таштанды чогултуу жана чыгаруу маселеси курч турат. Бул маселе жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан чечилбейт, ал эми жергиликтүү тургундар таштандыны көчөгө эле ыргытышууда.
Максаты: коомчулуктун көңүлүн бул маселеге буруу жана аны чечүү үчүн акция жана марафон өткөрүү.
Бюджети: 8 000 сом.

### “Жаштар сергек жашоо үчүн” долбоору

Кочкор району
Көйгөйдүн сүрөттөлүшү: Кочкор районунун Кара-Суу айылдык аймагын 5 айылдан турат, анда 4 орто билим берүү мектеби бар. Айылдык аймактын калкынын саны – 5738. Айылдык аймактын 70 пайызын жаштар түзөт, алардын 40 пайызы орто мектептин окуучулары. Акыркы убактарда окуучулардын тарбиясына көңүл аз бурулуп жатат. Алардын арасында жеңил алкоголдук ичимдиктерди ичкендер, тамеки чеккендер жана насывай колдонгондор көбөйдү. Бул көрүнүш келечекте алардын саламаттыгына терс таасирин тийгизет. Ушул күнгө чейин бул багытта эч бир иш-чаралар өткөрүлгөн эмес.
Максаты: Кара-Суу айылдык аймактын мектептери арасында спорттук иш-чараларды уюштуруу.
Бюджети: 16 180 сом.

### “Ынтымактуу жаштар” долбоору

Ат-Башы району.
Маселенин сүрөттөлүшү: ВЖергиликтүү мектепте спорттук зал жок, ушундан улам жаштар жана окуучулар машыга алышпайт жана райондук деңгээлдеги спорттук иш-чараларга катыша алышпайт. Болжол менен 400гө жакын бала спорт менен машыгууга шарттар түзүлбөгөндүктөн бош убактысын алкоголдук ичимдиктерди ичүү, тамеки чегүү менен өткөрүшөт. Ошентсе да айылда спорттук аянтча бар, бирок волейбол үчүн торчо, футбол, волейбол, баскетбол топтору, хоккей жабдуулары жок.
Максаты: айыл жаштарын “Ынтымактуу жаштар” тобуна бириктирүү, спорттук шаймандарды сатып алуу.
Бюджет: 31 400 сом.

### “Комузду кайтарып алалы” долбоору

Кочкор району
Көйгөйдүн сүрөттөлүшү: 18 жаштан 30 жашка чейин жаштардын саны болжол менен 300гө жакын. айылда китепкана жана эски мектеп имаратынан башка эч бир инфраструктура жок. Маданият үйү, фольклордук улуттук музыка болсо унутулуп баратат, айылда комузда ойногон иши жок.
Максаты: “Аматер” тобун түзүү менен жаштарды комузда ойноого үйрөтүү, мектептин алдында курстарды ачуу, түрдүү сынактарга катышуу.
Бюджет: 35 500 сом.